83
Ж 189

Каныбек Жунушев

# КУН ЧУБАК




Ж-84

**Каныбек Жунушев**

# КҮН ЧУБАК

(Ырлар жана жомоктор)



КУТААЛАМ
БАЛДАР АДАБИЯТ БАСМАСЫ

Бишкек – 2017

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.8**
**Ж 89**

**Жунушев К.**
Ж 89 **Күн чубак:** Ырлар жана жомоктор. – Б.: «Кутаалам», 2017. – 132 б. сүрөт.
ISBN 978-9967-26-633-9

Автордун бул жыйнагына кенже курактагы балдардын күлкүлүү кыял-жоруктары, жаратылыш кубулуштары, өсүмдүктөр менен жан-жаныбарлар дүйнөсү көркөм сүрөттөлүп, кичинекейлердин аң-сезимин өстүрүүгө жардам берет.

Ж 4803300100-12

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.8**

ISBN 978-9967-26-633-9

© КР ББжИМ, 2017
© Жунушев К., 2017
© ЖЧК «Кутаалам», 2017

# КҮН ЧУБАК



Сүрөтчү
Ренат Мамытбеков

4 9777-45
НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК
БИБЛИОТЕКАСЫ
Инв. № 2487



## КҮН ЧУБАК

Ала-Тоонун чокусуна
Жайылганда күн чубак,
Жан-жаныбар ойгонуп
Жапырт баары турчу убак.

Жалындаган күн чубак
Жайылтса кызыл, жашылын…
Бүт өсүмдүк, жемиш бак
Сиңирип алат акырын...

Ошон үчүн алма-өрүк
Күндөй кызыл, сары да…
Ошон үчүн жемиштер
Ден соолукка дары да.

Алаканым кыпкызыл!
Тоссом күнгө колумду.
Кыпкызылмын өзүм бүт –
Тоссом Күнгө боюмду!
Ошондонбу ойлоймун:
«Карасы жок» оюм бу..!

## ЖАШАСЫН КҮНҮМ, ЖАШАСЫН!

Эй караңгы, караңгы!
Жоруктарың жаман бу.
Коркутасың жөнү жок
Уктай элек баланы.

Терезеден карайсың
Аюу болуп апсайып!
Желмогуздай түрүң суук,
Жезкемпирдей саксайып...

Карааның өчөт калдайган
Күн шоола жарк эткенде!
Үйүң жок, батпайт экенсиң
Үңкүрдөн башка эч жерге...

Ушунчалык өчсүңбү,
Уктай элек балага?
Азыр уктап калат ал
Апсайып аңдып караба!

Күн чубактап чыкканда
Күндүзү житип, качасың.
Жарык чачкан дүйнөгө
Жашасын Күнүм, жашасын!

## КҮН ЖАРКЫРАЙТ

Эртең менен гүл жайнайт,
Бажырайып ачылган.
Жүзүндөгү тамчыдан
Күн нуру ойнойт чачылган.

Тамчы гүлдөй тазамын,
Таппайм айып өзүмөн.
Күн жаркырайт менин да
Мөлтүрөгөн көзүмөн.

## КАНЧА КҮН БАР?

Асмандагы жылдыздын
Чоң, кичине түрү көп.

Алыс болсо канча алар
Араң көзгө илинет.

Алыстагы жылдыздыр
Күндөн чоң дейт канча миң.
Анда кызык ойлоймун:
Ааламда бар канча Күн?

## КҮН ЖЕЛЕ

Ак көйнөгүм делбиреп
Ак булуттай карааным.
Жашыл дөңдө жыңайлак
«Күн желе» кууп барамын.

«Күн желе» мага жеткирбей
Ары узап баратыр...
Буулугуп жаап ийчидей
Булуттар жатат кара сур.
«Күн желе» кууп баратып
Бүлдүркөнгө оозумду-
Албадымбы «канатып»...

## АЙЛАНАТ

Саатымдын жебеси,
Чык-чык этип айланат.
**Иңир кирип** аңгыча,
**Күн батып**, көз байланат.

Асмандан жылдыз жыбырап
Акырын жылып **түн кирет**.
Үкүдөн башка билбеймин
**Түн оогончо** ким жүрөт?

Таңшып сайрайт чымчыктар
**Таң куланөөк** атканда.
Жандыктар бүт ойгонот
Сүрүлүп **таң атканда.**

**Эртең менен** жакшы убак.
Эрте турат баары шарт!
Балдар таза кийинип
Бакча, окууга барышат.


**Чоң шашке** болгондо
Жумуш кайнайт жер-жерде.
**Чак түштөбү** күн ысыйт
Күн төбөгө келгенде.

Мемирей түшөт айлана
Арылап **түш оогондо**.
Жуушап жатат кой-эчки
Жумуру ашка тойгон го...

Жумуш күнү аяктап
Күн салкындап **бешимде**,
Бададагы мал келет
**Күүгүм талаш** кечинде.

Саатымдын жебеси
Чык-чык этип айланат.
**Иңир кирип** кайрадан
**Күн батып**, көз байланат.





## МЕН ДЕЛЕ

Космикалык кораблдей
Күндү айланат Жер-эне.
Мүмкүн эмес учкан жердин
Ылдамдыгын ченөөгө -

Деген сөздөн ой келет:
Күндү айланса Жер-эне,
Күндү кошо жер менен.
Айланат окшойм мен деле...



## КИМ БОЛДУ ЭКЕН?

Марста жашоо бар экен.
Агарган өңү – кар экен.
Сүрөтү тиги биз көргөн-
Жашап калган чал экен.

Улуту ким билбедик.
Немис, инди, арапбы?
Эгерде кыргыз болсо ал,
Сарбагыш, бугу, саякбы?..



## АСМАН КАЙДАН БАШТАЛАТ?

Кумурска айтат:
– Мына бул,
Жашыл шибер, дарактан.
Ашып кетсе кичине эле
Эки-үч кадам нараактан.

Бүркүт айтат шаңшыган:
– Биз жашаган тоолордон.
Адам чыгып баралгыс,
Айды челген зоолордон.

Айтат дыйкан агабыз
Күлүп-жайнап нас карап:
– Асман менин береги,
Аңызыман башталат.

## БИР ОРУНДУУ САМОЛЁТ

Тампыс кудум самолёттой
Учуп чыкса зуулдап,
Курт, кумурска баарысы
Суранышты дуулдап:

– «Эй, самолёт, самолёт!
Кайда учуп барасын?
Канатыңа ката кет
Кумурсканын баласын».

Баарысы эле ушинтип
Жалдырашат суранып.
Тампыс болбой мактанат
Ого бетер кубанып:

– Орун болсо баарыңды
Алат элем түшүрүп.
Турасыңар ансыз да
Абалыма түшүнүп.

Бош орун жок эч кандай
А бу учуп жүргөнүм,
Бир орундуу самолёт
Өзүм эле баткандай.

## ЭЧКИГЕ БАЙЛАНЫП

Ырдап барат коёнек:
– Өзүңор байкап көрсөңөр
Баарысы бизде жонокой.
Жөнөкөй эле нерселер!
Жөнөкөй да
Жөнөкөй!
Ырдай берип кайталап
Кургап бүттү көмөкөй.

Коёнектин ырына
Кайталаган көп ирет,
Угуп жатып мамалак
Тажап кетти көрүнөт:

– Жонокой болсо эмне үчүн
Жылдыздар көктон жымындайт?
Асып койгон немедей
Кулап түшпөйт, жыгылбайт?

– Албетте жылдыздар,
Бир-бирине байланган…

Дегенди угуп Мамалак
Калды абдан айраң-таң…

Таңкалгандан:
– Жерчи – деп,
Суроо берди кайта ага.
Жерби деп ал кубанды:
– Байланып турат арканга…

Тамаша деп мунусу,
Таңазар албай Мамалак,
Бал челек түшүп оюна
Баратса бакты аралап.

Байланыптыр чын эле
Байкаса Жер арканга.
Кулап, түшүп кетпейби ой,
Катуураак бирөө тарткан да?!

Кармалып бекем турсун деп:
Кагылган казык жерге бек!
Аркы учунда аркандын
Бирөөлөр жүргөн өңдөнөт…

Аңгычакты Сур эчки,
Болгонсуп пайда жомоктон –
Аркайтып эки мүйүзүн
Чыга келди колоттон…

Мамалак өзү көрбөсө
Ишенбейт эле эч кимге.
Чын эле Жер жип менен
Байланыптыр Эчкиге…

## «ШААРДЫК» КАРГА

Аллеяда отурган,
Айылдан келген таякем,
Айтып калды:
– Силерде,
Каргалар да бар экен...

Жашачу эле каргалар,
Илгери токой, талаада.
Калышыптыр ой, тобоо!
Булар да көнүп калаага.

Аңгычакты ар жактан
Үн чыгып калды:
– Кар-р! – деген.
Селт эте түштү таякем,
Кыйын тура жан деген...

Чынында ачуу дабышка
Чочубасын ким эле?!
Карга айтты:
– Болбөйбу,
– Дарактарга түнөөгө?..

Каргалар эми баардык –
Болуп калдык «шаардык».
Андыктан парк, аллея
Бизге деле таандык.

Таякемдин ошондо,
Уялганын байкадым.
Ордунан туруп жөнөдү,
Баса кийип калпагын...





## ТАШ БАКА

«Үнүм бийик чыгарып,
Күрүгүү-чуу салбайын.
Катуу басып кокустан,
Жерди жарып албайын» –

Деп ойлонуп таш бака,
Араң эле кыбырайт.

«Секин,
Секин,
Секин» деп,
Балдарына шыбырайт.

***

«Таш чапаным – үйүмдөй.
Таштасам аны кийинбей,
Таш бака болбой калмакмын,
Таанылбай да, билинбей».



## ӨЗҮ ЭЛЕ

Туулган күнүн баканын
Белгилөөгө атайын,
Белек-бечкек апкелдик
Толтура ичи кап бердик.

Табак,
Кашык,
Вилка-айры...
Буларды бака көргөндө,
Жактырбайм деди мындайды:
– Кереги деле жок эле
Кашык менен табак бу,
Илип жейм кайсы тамакты?..
Ыраазымын, рахмат!
Белегиңерге эң жакшы.
Ушул идиш-аяктай!
А бирок оозум жалжайып,
Чымын, чиркей илгенге
Өзү  эле кенен табактай.




## ООРУМАК ЭЛЕ ЭМНЕСИ?

– Ооруйт экен тиштериң
Момпосуйдан жебечи.
Десе Акенге энеси
Анда Акен мурчуят:
– Түшүп калган тиштерим
Оорумак эле эмнеси?..

## МОМПОСУЙДУН ТИЛЕГИ

Мени жеген ким эле?..
Тилегим бар бир эле:
Оозуна мени көп салса,
Ошонун тишин оорутуп
Озондотом тим эле...

## ЖУУЛБАГАН АЛМАДАН

Кир кол менен кармаган,
Жуулбаган алмадан,
Микробдор жайнаган
Көрдүм микроскоптон:

Кээ бирөөсү топтон чоң,
Кээси коргоол, сакадай
Кескелдирик, бакадай.
А эми кээ бирөөсү,
Тарбалаңдап чуркаган
Жөргөмүштүн нак өзү…

## САМЫН

Шатыра-шатман, шаңдагы,
Өтүп турат дайыма,
Тазалыктын майрамы.

Тазалык деген бир гана,
Тилегим бар оюмда.
Балдарга кир жуугузбай
Көбүрүп турам колунда.

Кубандырат досторум –
Тиш щетка, паста айтып:
Күнүгө жууй беребиз,
Күмүштөй тишти тазартып!

## МЕЙЛИБИ

– Жуунуп бети-колунду,
Анан отур тамакка –
Десе апасы  Самакка,

Анын үнү нарытан,
Калды бизге угулуп:
– Ээ апаке, мейлиби,
Бетимди жуусам кулагым,
Жатат кошо жуулуп?..

## ЧАЙКАБАЙ КАЛЫП

Соксолоңдоп секирип
Жатканын көрүп Калыктын:
– Бул эмнең десек айтты ал:
– Дарымды ичээр алдында
Чайкабай аны калыпмын…

## УШУНДАН УЛАМБЫ

Тамашалап айтышат,
Таптап балдар далымды:
– Карасаң алибеттүүсүн,
Кара жумушка «калың бу».

Көп балдардан бөлүнүп,
Көлкөйүп туруп көлөмүм:
Анан эмне жыга албайм
Арабектен бөлөгүн?

Балдар отун жарышса,
Барскандап, балталап
Качып жүрөм көрүнбөй,
Кара жаным калкалап.

Көп кыймылдап чуркабайм,
Көнүктүрүп бут, колду.
«Кантип ойнойт болду экен?»-
Карап турам футболду.

Илең-салаң боломун
Иш жасасам жарытпай.
Табитим тартат жакшы эле
Тамак ичсем талыкпай…

Көпшөк тартып турамын,
Шылдың сөздү көп угат,
Делдейген эки кулагым…

## ЧЫМЫН

Чымын айтат: – Аромат
Гүлдүн жыты мага жат.
Жүрсөм тажап кетемин,
Бүрлүү чөптү аралап.

Андан көрө мага артык:
Автобуста баратып,
Конгон бети-башына
Кишилерди тажатып.

Тазалыктан качамын,
Келбейт андай жашагым.
Тандап алам жашоого
Балит жерди атайын.

Чынымды айтсам жашырбай,
Курсагымды ачырбай,
Шып кономун, жүрсө ким
Мурду жакшы аачылбай…

Жок тура менин салмагым
Таразага салганда.
Анан эле эмне үчүн,
Кошула түшөм тартылып,
Алма-өрүк сатып алганда...





## «АЭРОПОРТ»

Унутуп коюп сабагын,
Уктап калган баланын.
Пыр-пыр этип «ырдаган»,
Мурдуна таң каламын.

Жуулбаса кол таза,
Жуулбаса мурундар…
«Аэропорт» кылып алышат
А жерге конуп чымындар.



## АЙ БАЛАМ АЙ, БАЛАМ АЙ!

Жалган сөздү айтпаймын,
Жабыратып, күчөтүп.
Керим келип кулады.
Керебетке «күп» этип!
Жумуш иштеп а балким,
Чарчагандыр аябай,

Чечингенге жарабай...
Аппак төшөк булганды.
Этеги бүт кара май…
Апакеси жалынып,
Айткан сөзү бул болду:
– Ай балам ай, балам ай!..



## ӨЗҮ ТИЙИШИП

Коркконунан бүрүшүп
Жатып эле калыптыр
Эмне болгон бу күчүк?
Десек айтты Жайнагүл:
– Тилин эмне чыгарат
Биринчи өзү тийишип...

## КАЧАН БОЛСО

Касымаалы ыйлай алат
Каалашынча өзүнүн.
Качан болсо жашы даяр
Кычыгында көзүнүн.

Айрыкча конок келгенде
Дарылдап коё бергенде,
Күйпөлөктойт апасы
Момпосуй таппай бергенге…

## ТУУЛГАН КҮНҮМДӨ

Агызып жашың тыйбайсың.
Ата-энеңди кыйнайсың,
Десем Тошу ого бетер
Өңгүрөп кирди таптаза:
– Ыйлабайт элем, тиги аары
Туулган ушул күнүмдө
Тостойтуп көзүм чакпаса?..

## ЖУМУРТКАСЫН ЖЕГЕНДЕ

Эжем мени тоокко
Жем чачып кой дегенде,
Басып кеткем аний деп:
– Жем чачкыч белем мен эмне?..
Уят болдум кийин мен
Ошол чаар тооктун
Жумурткасын жегенде…

## ОРОЗБАЙДЫН КАЛПАГЫ

Өрозбайдын калпагы
Ойногон жерде калыптыр.
Кайдан билсин чаар тоок
Жумуртка туруп ичине
Жылуу деп жатып алыптыр.

## ААРЫ КОНГОНДО

Билесиңер Жайнаны
О геле көп сүйлөп ал
Оорутуп иет башында.
Ой- тоону айтып бажырап
Токтоор эмес азыр бу.
Кудай жалган мурдуна
Конгондо аары… басылды.

## СОЛ КОЛДОЙ

Эки колго бирдей таш
Алып күчтү сынадым.
Алсыз окшойт сол колум,
Араң чыдап турамын.

Көтөрө албай таштадым,
Сол колдогу жүгүмдү.
Оң колума оордук
Араң-араң билинди.

Түшүнбөй келип сурасам
Бул кепти уктум агаман:
– Алсыз болот сол колдой
Аз иштеген жалкоо адам.

## «ЭЛПЕК» БАЛА

– Уйду кошуп бадага
Кайтарып келчи садага.
Десем Эшим ан-и-ий дейт:
– Уктап калам талаада.

– Уйду саап чарага,
Уютуп койгом айранын.
Куюп келчи садага.
Десем Эшим шып турду,
Ыраазы кантип болбойсуң,
Ушундай «элпек» балага…

## ЧОҢ АТАМДЫН КУЛАГЫ

Чоң атамдын кулагы
Угуп-укпай – каңырыш.
«Ты-ыйп» эттирип жиберип,
Кэзде иш кылат жаңылыш…

«Ты-ыйп» эткени курусун,
Укпаса өзү, башкалар,
Укпайт дейт го «мунусун»…

## ЭМИ ЭС АЛЫП

Жалкоолукту ташта да,
Уккун эми кеңешти.
Десем Эшим мурчуйуп,
Анан мындай дебеспи:

– О, урматтуу кошунам,
Айтканына кошунам.
А бирок түндө түшүмдө,
Катуу иштеп коёмун
Эми эс алып отурам.

## ЖОГОЛУП КЕТМЕК ЭКЕНМИН

Мунусуна шүгүрчүлүк,
Жоголбой өзүм калганым.
Деп апенди сүйүнүп
Жетип келди күйүгүп:

– Эртең менен азанда,
Эшегим менен базарга,
Келсем укмуш эл кайнайт,
Жол табылбайт басарга.

Пулун болсо койнунда
Баарысы бар ой, мында!
Чай-пай сатып келгиче,
Эшегим жок ордунда…

Ырас эле болуптур,
Жоголгону эшегим.
Минип жүрсөм өзүм да,
Жогулуп кетмек экенмин…





49771-41



## АДЕПСИЗДИК

Куудулсунуп Жоробай,
Күлдүрөм деп силерди.
Байкоосуздан туура эмес
Бир сөз айтып жиберди...

Оюн-күлкү шаттыкта,
Келатканбыз көңүлдүү.

Ушул сөздөн эле го,
Кыздар бизден бөлүндү…

Адепсиздик чынында,
Уят кылат ар убак.
Баратышты кыздар бизден,
Узап улам нарылап…



## КЕЛБЕЙ КАЛГАН ЭКЕН ДЕП

Көпкө жаттым ойгонбой…
Анда айтып берейин,
Көргөн түштү болгондой:

Асманга учуп бараттым,
Аргымак минип зуулдап!
«Кош», «кош» деген тууган эл,
Кол булгашты дуулдап.

Ай-жылдызды аралап,
Айлап жүрдүм арман жок.
Ойгонуп кетип карасам,
Ордуна койгон алмам жок…

Чыргоолонбо жөнү жок,
Чыны мен деди Эсенбек:
– Алмаңды жеп койгонмун,
Келбей калган экен деп…



**КАСТРЮЛЬ**

Кызыган таптуу очокто
Шарактап кайнайт кастрюль.
Не болсо да жыты аңкыйт,
Даамдуу тамак жакшы бул!

Көпкө кайнап бышкандыр…
Көтөрөт буусу капкагын.
Эми даана сездим мен
Курсагымдын ачканын.
Буюмдар бар көп эле,
Мисалы, балта, чот, күрөк…
Курсагымды тойгузган,
Баарысынан баары бир,
Кострюль жакшы көрүнөт…

**ЖЕМ ЧАЧЫП ЖҮРӨТ**
(Калп)

Адатын таштап койгонго…
Айран, сүткө тойгонго.
Желкеси жоон карышкыр,
Жем чачып жүрөт койлорго.

Отун жарса балталап,
Аюуга а күн салтанат!
Качып жүрөт коёндор,
Кара жанын калкалап.

Бири-бири менен сүзүшкөн,
Экиден, кээде үч-үчтөн,
Кийиктер зоодон көрүндү,
Парашют менен түшүшкөн.

Кенен өрөөн жайыкта,
Кескелдириктер кайыкта.
Чабак уруп жүрүшөт,
Чабактар кургак арыкта.

Бакалар бакта сайрашат,
Балпылдап сагыз чайнашат.
Түлкүлөр чычкан аңдышып
Түнкүсүн чырак кармашат.

**КОРККОНГО КОШ КӨРҮНӨТ**
(Калп)

Эт жегенди токтотуп,
Эстүү бөрү болоюн.
Коён, койду, эчкини
Коркутканым коёюн.

Качыратып алма жеп,
Карагат, чие терейин.
Жерди мен да чукулап,
Жер-жемишке көнөйүн, –

Деп карышкыр дөңгөчтө,
Олтурат ырдап озоңдоп!
Коркконуман титирейм,
Муун-жүүнүм бошоңдоп.

Ай ошондо таң калып,
Ачылып оозум калыптыр...
Ырын эми токтотуп,
Ылдый карай карышкыр,

Сызып эле баратты.
Эки аттап, бир аттап!..
«Өлдүк кокуй!» – деп андан,
Жөнөдүк качып сырактап.

«Артта калган балага,
Аттап-буттап жетти го.
Жалаңдаган тиштери,
Жара тартып кетти го...»

Деп карасам артыма,
Коён турат ырсайып:
– Ойлобогом силерди,
Бок жүрөк деп мынчалык!

А көрсө коён зыпыйтып,
Кеп жасап кийип алыптыр.
Көрүнгөн тура ал чунак,
Көзүбүзгө карышкыр!

## МИНИП АГА БАРАТТЫМ

Ошол коён деп айтты:
Кээси мага жакпайт түк,
Кылыгы менен өзүнүн,
Баатырмын деп мактанат,
Дайыны жок сөзүнүн.

Ачуум келип бир күнү,
Араң тургам жалаңдап.
Мени көрүп карышкыр,
Коркуп кетти алаңдап.

Ызаланып ал байкуш,
Ыйлап кирди үңүлдөп.
Кубанычым жашырып,
Мындай дедим күлүңдөп:

– Турдум эле жеталбай,
Унаа таппай кыйналып.
Жеңил-желпи элемин,
Жеткирип койчу тил алып.

Коркуп калган карышкыр,
– Макул, – деди алаңдап.
...Минип ага бараттым,
Эки бутум салаңдап!..





## УЯЛЫП КЕТЕМ

(Калп)

Салмактуу боло баштайсың,
Өөдөлөсө жаш улам.
Калп айтканды түк билбейм,
Бала кез, тээ жашыман.

Бирок түшөт кээде ойго,
Эмне иштеп, эмне койгонум.
Эсимде турат бир курдай,
Дөө кулагын чойгонум.

Менден коркуп ал байкуш,
Жалгыз көзү алактап.
Этек-жеңи жайылып,
Качып кеткен далактап.



Ар кандай болгон окуя,
Азыр да бирин эстедим.
Уялгандан кайра аны
Келбей кетет эстегим...

Кабыгын аарчып тазалап,
Бышырсам сайдын ташынан,
Күйгүзүп кууруп алыпмын,
Тажрыйбамдын азынан...

Мергенчилер жеп көрүп,
Айтышты: – Таттуу аш экен.
Бирок бир айыбы:
Сарымсак, тузу аз экен.

Осол иш кылып коюпмун,
Ошондо эң аз туз салып.
Аны эстесем азыр да,
Уялып кетем кызарып...



**ЖЕР КЫДЫРЫП**

Африка тарапка,
Барган элем бий-бий, ай.
Айтсам көргөндөрүмдү,
Жалган дебе бий-бий, ай.

Эч бирөөнө шек бербей
Түзүк жүрдүм бий-бий, ай.
Бетимен бирок түк чыгып,
Үшүп жүрдүм бий-бий, ай.

Кар дегениң ошерде
Жаайт экен бий-бий, ай.
Төө куштарын көгөндөп,
Саайт экем бий-бий, ай.

Крокодили суусуна,
Жайнап жатат бий-бий, ай.
Тим эле алар быкпырдай
Кайнап жатат бий-бий, ай.

Крокодили койдон жоош,
Тилимди алып бий-бий, ай.
Кыдырдым кырка тоолорун
Минип алып бий-бий, ай.

Маймылдары көз айнек,
Тагынышып бий-бий, ай,
Окуйт экен китепти,
Жабылышып бий-бий, ай.

Арстаны арсылдап,
Үрөт экен бий-бий, ай.
Жолборсу карсылдап,
Күлөт экен бий-бий, ай.

Носорогун тандап мен,
Күлүгүнөн бий-бий, ай.
Минип кармап алыпмын,
Чүлүгүнөн бий-бий, ай.

Эрдигиме кол чабып,
Таң калышты бий-бий, ай.
Алдырып кантип коёюн,
Ар намысты бий-бий, ай.

Бегемот топ ойнуна
Шыктуу экен бий-бий, ай.
Баарысы тең футболго,
Мыкты экен бий-бий, ай.

Чуркашса топту кубалап,
Зуулдашат бий-бий, ай.
Кол чабышып көпчүлүк,
Дуулдашат бий-бий, ай

Жакшы болот турбайбы,
Жер кыдырган бий-бий, ай.
Африкада ошентип,
Жүрүп калдым бир-бир ай.

## АЛТЫ ЭЛЕ МҮНӨТ

Саат канча, күн батып,
Уясына отурду?
Десем эшек алты ирет,
Ай-талааны жаңыртып,
Айкырыкка толтурду.

Эшектин үнү жаңырып,
Бүткөндөн кийин жабылып,
Саатты көрсөк туп-туура
Алты эле мүнөт жаңылып…

Ачыгын айтсак эшектей,
Асыл жан жок жандууда.
Чыдамдуу десең – чыдамдуу,
Алдуу десең – алдуу да.

Бир гана анын айыбы:
Эшек болуп калганы.
Алты эле мүнөт узартып,
Айкырып туруп алганы…

## ЭМНЕ ДЕСЕК ТАЛАШЫ

Айыгышып сүзүшүп,
Аркан, жипти үзүшүп,
Эки теке соксоңдойт,
Чоң бөлүккө түшүшүп.

Карса-күрсө кагышкан,
Катуулашып алышкан.
«Эмне укмуш бул» дейсиң,
Экөөң көрүп алыстан…

Типтик тура калышып,
Анан кирет салышып.
Коё бербейт бир-бирин,
Намыстанып алышып.

Эмне десек талашы
Эрмен чөпту көрүшүп,
Кетишиптир сүзүшүп,
Жей алышпай бөлүшүп…

## МЫШЫК

Арстан жакын таякем,
Жолборс болсо бөлөм дейт,
Туугандаша келгенде,
Илбирс үчүн өлөм дейт.
Ал эми окуу, билимим,
Алардан өтө терең дейт.
Ошон үчүн кулагым
Чычканды көрө электе,
Антенадай сереңдейт.
– Отурсаң эмне эле,
Аңдып кечке ийинди?
Десек мышык кубанат:
– Белгилеп койсом деп жатам,
Эртең туулган күнүмдү…





## КОРОЗ

Корозубуз кыйкырып,
Ойготот бүт айылды.
Көйрөндүгү болбосо
Мүнөзү жумшак, сабырдуу.

Койколондоп жүргөнү,
Корообузга жарашат.
Ошол короз кыйкырса –
Ошондон кийин таң атат.



## ШАШПАЙ ЭЛЕ

Мышык айтат: – Иштебей
Кантип чыдап турамын.
Чычкандарды кайтарып
Иштей турган убагым.
Пенсияга буюрса
Шашпай эле чыгамын…

Ошол мышык той берди
Белгилеп жаңы конушун
Белек-бечкек коп келди
Камдаса бирөө «сойушун».

– Чакырыктын ичинде
Чычкан досум бар эле
Деди, - мышык таарынып:
Келбей калды ал эмне?..



## ЖӨРГӨМҮШ

Кандай жакшы мүнөзүм:
Кара мүртөз, тондоосун.
Кичи пейил, боорукер
Кумурскалар оңбосуң.
Уруш-талаш көбөйүп
Ураа! Достук болбосун!

Көрүнгөнгө тийишкен
Көгөндүн көп чатагы.
Чыр, тентектик жагынан
Чыкса экен анын атагы!

Корообузда көбөйсүн
Коңуз жалкоо дүйнөлүк!
Окуудан, иштен ким качса
Ошолорду сүйөлүк!

Жөргөмүштүн бул сөзүн
Угуп туруп кумурска:
– Бабырлар сүйлөй берет деп
Басып кетти жумушка.

## ШАМАЛ

Камгак менен тең жарышып ызылдап,
Шамал чуркурайт жыланайлак
тызылдап.

Шуулдатып терек-бакты жапырып
Жерди тытат асманга чаң сапырып!

Болбосо да кыпындай бир залалы,
Делбектетет жөн келаткан баланы.

Эч түрү жок токтоочудай бир жерге,
Зуу-зуу учат илинбей көз ирмемге.

Чабалдыгы ушул жерден билинип,
Калды токтоп жеткен кезде токойго
Чырганакка кол-бутунан илинип.

***

Унутуп бирөө таштаган
Китепти шамал барактап,
Окуп-окуп чарчайбы,
Кээде аны калат жаап…
…Ары жакта баратышты
Балдар ойноп шарактап.

## ЖЕРГЕ ТҮШҮП КАЛЫПТЫР

Күчүк эмен жалбырагын
Казга тиштеп барыптыр:
– Мобул сенин таманың го
Жерге түшүп калыптыр.

## ЖАКЫНЫРААК БОЛСУН ДЕП

Асмандагы жылдызды
Бирден терип санадым.
Жакыныраак болсун деп
Тамга чыгып карадым.

## АЙДЫ ЖУУГАН ЖЫРГАЛ ДА!

Терезeмде жаркырап
Тептегерек Ай турат.
Ай да кошо жуулат
Терезeмди жууганда
Апаппак болсун деп
Айды жууган жыргал да!

## ТОПМУН, ТОПМУН ДЕП БАКА

Топмун,
Топмун деп бака
Ыргып түштү баткакка!
Эртең менен кийгизген
Эмне болду ак жака?
Бак-бак,
Бак-бак, бак бака!
Ойнобойт балдар баткакка.
Кийимдерин булгабай
Жүрүшөт дайым таптаза.

## БАЛЫКТЫН СУРООСУ

Жандыктар жашайт турбайбы,
Кургактыкта сандаган.
Эмне үчүн алар суусу жок
Тумшугун алып калбаган?..

## МАЙМЫЛ

Толукшуп турат жай мында.
Мен ушуга таңмын да:
Окшош экен адамдар –
Кудум бизге, маймылга...

## ЧӨНДӨЛӨЙ

Гүл терип жүрсөк кыранда
Бизди көрүп чөндөлөй,
Молтолондоп кубанып,
Бой жашырды тулаңга:
– Биздей эле чөп терип
Жешет тура булар да...

## ЧИРКЕЙ

Жарлык кылам баарыңа:
Каптагыла жабыла!
Өтө  тентек бала экен
Сабагы начар, чала экен.
Өкүртө чагып талайлык!
Тоюп алып торсоюп,
Анан үйгө тарайлык.





### ЧЫЧКАН

Комбайнды көргөндө
Чычкан минтип ойлоду:
«Буудайдын баарын жей бербей
Бизге деле койбойбу!»

### ЭРИТЕТ

Балбалактап аппак кар,
Жаап турат себелеп.
Жатты аны эритип,
Кудум эле Күнгө окшош,
Менин бетим тегерек...



## ЧАБАЛЕКЕЙ

Чабалекей, чабалекей,
Кайчы канат-ачакей.
Кайкып чыгып учкан кезде
Асман бети чакчалакей!..
Чатыр, шыпка уя салып,
Бизге ынак, жөнөкөй.

## ЖАРГАНАТ

Жаргак канат жарганат
Өзүнө-өзү таң калат:
– Бүт турпатым чычкандай.
Чычкан туруп кызык ээй,
Учуп калдык биз кандай?..

№ 2187



## «СТАДИОНУ» ЖОК

Өкүрөңдөп жон ылдый
Сайгактап уйлар жөнөдү.
Таңкалат буга өзүнчө
Шаардык бала береги:
– Стадиону жок эле
Жарышыша береби?..

## БАДЫРАК

Кызыл буудай-бадырак
Оюнга шок, ойго шок.
Чөнтөгүнө балдардын
Түшсөк дешип «ойлошот».
Кубанышып андыктан,
Тарсалаңдап секирип
Казанда бийлеп ойношот.

## ЖООГАЗЫНГА

Кызык ээй, өсүп калыптыр
Кыпкызыл гүл башыңа!
Десем Короз кубанды:
– Таажым окшоп турабы,
Чын эле жоогазынга?..

## ЖАТЫП АЛЫП БАСКАНЫ

Койколоңдоп чуркаган
Көрдүм коён, башканы…
Кызык экен жыландын
Жатып алып басканы.

## КУРУЛДАЙТ

Ээн талаа, токойдон
Эч кимдин үнү угулбайт.
Кулагым тосо тыңшасам,
Кумурска ичи курулдайт.

## КУМГАН

Эртең менен турганда
Бети-колду жууганда,
Рахматым айтамын
Суу куюп берген кумганга.

## МЫК

Башка балта тиймейин
Эч нерсеге кирбеймин.
Арaага окшоп дайынсыз
«Арсалаңдап» күлбөймүн.

## ИЙНЕНИН «БАЙКЕСИ»

Досторум бар көп эле...
Кийим тигип беребиз
Кээде бекер, жөн эле
Баарысынан мага жакын
«Байкем» менин темене.
Анын ишин дайыма
Бүтүрүп коём мен эле...

## БОРЩ БЫШЫРСА БОЛБОЙБУ?

«Мээге чай кайнатпа!»
Дей берет агам Асанбай.
Борщ бышырса болбойбу?
Баштын ичи казандай...

## МАКТАНЫП

Коңуз дайым мактанып
– Менин ишим мыкты! дейт.
Бирок кылган жумушу –
Кечке тынбай кыкты жейт.

## КАЛБАЙЫМБЫ ОЙНОБОЙ

Тентек болбо десем Тошу
Жооп берет ойлобой:
– Такыр тентек кылбасам
Калбайымбы ойнобой.

## БОЛУШЧААКМЫН
(А. Бартодон)

Акинай менин бөбөгүм
Абыдан жакшы көрөмүн.
Бирөөлөргө тийгизбей
Болушуп дайым турамын.
Качан керек болгондо
Өзүм эле «урамын…»

## КӨЛӨКӨ

Көлөкө деле бизге окшош
Жалакай болуп калыптыр.
Жалбырактын алдын ачсам
Жашынып жатып алыптыр…

## АЙ

Арасынан салаамдын
Айды тосуп аламын.
Тоо кыркалап эрикпей,
Ээрчип аны барамын.
Ойлойм ичим ачышып:
Ай кетсе жалгыз каламын...



## ЖЫГЫЛЫП КАЛБАСЫН

Балдар мени өйүзгө
Келгин дешти туу коюп.
Ай да кошо жарышты
Жөнөп берсем зуу коюп.
Жай чуркасам жай чуркап,
Бат чуркасам бат чуркап
Мени туурайт Ай чуркап...

Дөңгүл жерден чуркабайм
Жыгылып кокус калбайын.
Мени туурап жатпайбы
Жыгылып калат Ай дагын.

## КӨРӨ АЛБАЙ

Өчөн-өчөн төө желип,
Келе жатса жумушка.
Чакырып калды конокко,
Чай ичип кет деп кумурска.

Тамак-ашын түрдүүлөп,
Дасторконго жайнатып.
Кумурска чай апкелди,
Самооруна кайнатып.

Кичинекей чынысы,
Кичинекей табагы.
Кичинекей кумурсканын
Кыпындай да тамагы.
Буларды төө көрө албай...
Бүркөлүп турду кабагы...

## ГҮЛКАЙЫР

Гүлкайыр деген бир кыз бар
«Детский Мирдин» тушунда.
Айткан сөздү бир укпайт
Жайында же кышында.

Укмуштуудай үнү «кооз»,
Ыйлап берсе дарылдап.
Кеп талашат дайыма,
Кемпирлерден жарылдап.


Идиш-аяк полду жууп,
Бербейт үйгө жардамды.
Момпосуй, торт көп болчу
Жакшы көрөт майрамды.



# ЗЫМЫРЫК



Сүрөтчү
Нурбек Матаев



## ЧОҢ АТАМ

Ак кементай жамынган,
Аппак куудай сакалы.
Айлыбыз бүт чакырып,
Ардактайт чоң атамды.

Ак сөзүнөн жазбаган,
Аксакал деп турушат.
Ак эмгегин тескеген
Акыл кебин угушат.

Айылга, чоң атама,
Апта сайын барчу элек.
Бар болуучу он чакты
Бакчасында бал челек.

О, ошондо аны айтпа!
Оюнга жыргап канчы элек.
Коюнга алма толтуруп
Короосунан алча жеп…

Жашыңыз ата канча? деп
Сурап калсам айтты ал:
– Менден узак жашайсың,
Эмгектенсең канча көп.

Ак батасын берип ал
Алкайт ар бир кишини:
– Балам жолуң ачылып
Шыдыр кылсын ишиңди!

## ЧОҢ ЭНЕМ

Мобул сүрөт чоң энемдин,
Кезиндеги жаш чагы.
Тармалданып уюлгуйт,
Капкара болуп чачтары.

Азыр көрсөм чачтары.
Аппак дагы, аз дагы.
Окшобойт такыр өзүнө
Ойлоп коём башкабы?

Оюмду энем билгендей,
– А деп койду, – кулунум,
Кенжем чыгып элүүгө,
Жетимиште чоң уулум.

Мен да сендей кезимде,
Чуркачы элем тызылдап.
Токсон жашты эми араң
Тартып калдым кышылдап.
Азыр карап, башкамын,
Агарса мейли чачтарым.
Балдарымдын балдарына,
Кетти өтүп жаш чагым.

## ЫСЫК ДЕМИНЕН

Март майрамын куттуктап,
Аяп үзүп бир-экөөн,
Апакеме арнадым,
Ачыла элек гүл экен.

Кысып апам бооруна,
– Бактылуумун эми мен!
Десе ачылып кетти гүл,
Анын ысык деминен.

## ПЕНСИОНЕР

Кызык бала биздин Медер,
Келечекте ким болосуң?
Десек айтат: – Пенсионер!

Сөзү осол угулуп,
Баттык кыраан-каткыга.
Чоң атабыз айтып калды:
– Ой-пой, анда жакшы да!

Мына, алсаңар мени эле,
Орденим жаркырап,
Өткөн өмүр, өтөгөн иш,
Көз алдыма тартылат.

Пенсионер болсо мендей,
Анда уулум жарады.
– И, кантиңер – дегендей
Медер бизди карады.
– Эмгектенип ак иштеп,
Өмүр берсе балдарым,
Айыл-апа, бүт сыйлайт,
Пенсионер ардагын.

## ЭМЕН

Токсондогу энемден:
– Улуудурсун эменден?
Десем айтат: – Андан канча,
Канча кийин төрөлгөм.

Ойноп келсек кол учу,
Жетүүчү эмес болуучу.
Ошондогу эмен ушу.
Ошондогу жол ушу.

А мен эми калдым карып.
Эмен жапжаш, бутак жайып.
Өмүрүнө миң береке
Өсө берсин кучак жайып.

## КӨЗ АЙНЕГИ КИР ЭКЕН

Жуусаңчы дейт жүзүңдү,
Турсам да таза, энекем.
Көреө чамбыл көрсөткөн,
Көз айнеги кир экен...





**ТАЙ, ТАЙ, БӨБӨК!**

Тай,
Тай, бөбөк,
Тай, бөбөк!
Тамашага бай бөбөк.
Ата-энесин жыргаткан,
Алтын бөбөк, Ай бөбөк.

Тай,
Тай, бөбөк,
Тай бөбөк!
Канатыңды жай бөбөк.



Күлкүң чыксың күнүгө,
Күмүш бөбөк, Күн бөбөк!
Канат жайып эң алгач,
Кадамыңды таштадың.
Жерден бооруң көтөрүп,
Адам боло баштадың.

Тай,
Тай, бөбөк,
Тай, бөбөк!
Тамашага бай бөбөк.
Алтын бөбөк, Ай бөбөк!



## ТАТТУУ БОЛСУН ДЕП

Айнуранын апасы:
«Тилиң таттуу» дей берет.
Ал ансайын Айнура,
Тилим таттуу болсун деп,
Момпосуйду жей берет.

## ЖЫГАЧКА ДА

Щетканы мурда Кыдыбай,
Көрбөгөн го такыр сыягы.
Кармап аны утур таң калат:
Жыгачка да сакал чыгабы?..

## «О» ТАМГАСЫН

Короону өзүм шыпырып,
Койгон элем тазалап.
Айтышты: – О, азамат!
Отузга чейин так санап,
«О» тамгасын жаза алат.

## ӨЗҮМ ЭЛЕ

Түшүнөм баарын билемин,
Батинкемден эң мурда,
Байпагымды киемин.

Батинкемди күнүгө,
Жалтылдатып майлаймын.
Боосун кооз гүл кылып,
Өзүм эле байлаймын.

Жаркылдаткан кабагын.
Жакшынакай баламын.
Ата-энемди чоңойсом,
Өзүм эле багамын.

## СЫПАА БАЛА

Момпосуйду жей кой деп,
Берсем башын чайкаган,
Ушундай сыпаа баланы,
Көргөндөр барбы, байкаган?..

## ҮЙҮНӨ КИРСЕК

Эшим менен кошуна,
Бир короодо турабыз.
Анын ыйын жаңырган,
Күнүгө үч маал угабыз.

Ушул үндөн билебиз,
Үйүндө жок, же барын.
Дарылдап өзү жеткирет,
Далай жерге кабарын.

Шаттуу сөзүн, күлкүсүн,
Көнгөнбүзгө аз угуп:
Каткырыгы чыкканынан,
Үйүнө кирсек ашыгып:

Ойноп көөнүн шат кылган:
Көрсө, мультфильмдеги,
Чычкан экен каткырган!..

## КЕЧЭЭ ЭЛЕ

Калп айтканды түк билбейм,
Туура сүйлөп көнгөнмүн.
Ишенсеңер болгон эмес,
Учурган «беш өрдөгүм».
Десем Тошу:
– Калпычы! – дейт. –
Бешоону тең кечээ эле
Короосунан көргөмүн…

## ТЕКШЕРИП КОЙГОМ

Токтоп турган саатты,
Көрүп энем таң калды:
– Чаң ичине баягыдай,
Дагы толуп калганбы?..

– Жок, энеке, – дейт Самат, –
Чаң толорун эскерип,
Чакылдап жүрүп турганда,
Койгомун эбак текшерип…

## ЖАНЫ БАРБЫ?

Өрүктүн мен данегин,
Чаксам ыргып он-солду.
Жаны бардай секирет!..
Чаксамбы…
Чакпай көйсомбу?..

## БАЗАРДА

Барып калсам өгүнү,
Байкем менен базарга.
Дүр- дүнүйө буюмдан,
Жол табылбайт басарга…
Жайнаган мындай буюм жок,
Биздин ээн кашарда.






## ӨЗҮМДҮН ДА БААМАН

Айгүлдүн көп куурчагы,
Биринин аты «Баяман».
Элпек куурчак болчу дейт,
Кол арага жараган.

«Баяманы» бир күнү,
Барат экен базарга.
Алма алганы турат ал,
Кезек күтүп катарга.

Үч алманы тарттырат,
Жеткен кезде кезеги.
Төлөгөндө тыйынын,
Отуз сом болот эсеби.


Жетпей пулу ошондо,
Таң калыптыр «Баяман:»
– Өтө кымбат турбайбы,
Өзүмдүн да бааман…



## СҮЙҮНҮП

Кыйтуулап бийик учушкан,
Куштардын жолун тосомун.
Айгайлап чуркап, айгайлап,
Асманга колум созомун!

«Куш келиңиз» деймин мен,
Куш келгенге сүйүнүп.
Айылга конуп кетсе деп…
Артынан чуркайм түйүлүп!



## ЗЫМЫРЫК

Канаттары бачайы –
Миң бир түстө кубулган.
Зымырыкты мен көрдүм,
Жомоктон гана угулган.

Гүл бакчалуу короодо,
Күмүш нурга чайынып.
Корообузда жүрөт ал,
Кол чатырдай жайылып.

Атам айтат:
– Кут кылсын,
Жөрөлгөңөр жакшы бу.
Зымырыктай канат жайып, –
Келечек күтөт бактылуу.

## БИР ГАНА

Акын агам айылды,
Кечке жүрүп аралап:
– Көрдүм – деди, – калааны,
Көңүлүм көккө сабалап!
Курулуптур жаңы үйлөр,
Дүпүйүп өсүп кара бак!

Өзгөрүптүр, өзгөрүптүр,
Баарысы тең ай, жакшы!
Өзгөрбөптүр бир гана,
Койлордун эле маарашы…

## ЫРДАГЫМ КЕЛИП

Мезгил эле таң аткан...
Куса болуп негедир,
Жалгыз кетип бараткам.

Аңгычакты алдыман,
Улар учту «бар-р бырап».
Сергий түштүм ошондо,
Кандай сонун таңкы убак!

Карасам Күн албырып,
Асманды ээлеп алыптыр.
Негедир менин ырдагым,
Ырдагым келип калыптыр!..

## ЫР

Качан, кайда жүрбөйүн,
Канат болуп ыр мага,
Ободо учуп бараткан,
Окшоп кетем турнага.

Жолго чыксаң коркпогон,
Жолдош керек ырга да.
Жолдош болуп барат ыр,
Кыйтуулаган турнага.

## БОЛОТ БАЙКЕМ ЫРДАСА

Болот байкем ырдаса,
Залдын ичи титирейт.
Атам айтат:
- Бул укмуш,
Таланттын күчү, – дейт.

Кубангандан атам да,
Толкундана сүйлөдү:
– Жаңыртып байкең жатпайбы,
Зал эмес бүткүл дүйнөнү.

Ошондон кийин көзүмө,
Баары кооз көрүнөт.
Обону да, ыры да,
Жүрөгүмө төгүлөт.

## КҮЛҮК БОЛОМ ГО

Талаа, талаа керилген,
Уч-кыйыры жок көрүнгөн.
Калдактап учуп камгактар,
Озондойт шамал – көк инген.

Сом камчы үйрүп такымга,
Жарышам шамал закымга.
Көрүнбөйт тоо, айыл, бак
Жеталбайт окшойм жакында.

Көкүрөк толгон обонго,
Бой бербейм шамал, бороонго.
Баралыма жеткенде,
Баарынан күлүк болом го!

## АЛАКСЫТПА, ШАМАЛТАЙ!

Шамал мени делбектетип,
Түртүп жөнөйт далыман:
– Ой, азамат! Кеттик зуулдап,
Оюн кызык баарынан.

А мен болбойм кетенчиктеп:
– Убакыт жок барышка.
Энем сыркоо көптөн бери,
Эч чыга албайм алыска.

Убагынан кечиктирбей,
Чайын берем энемин.
Үй-оокатты жасап бүтүп,
Уюмду айдап келемин.

Сабагым да окула элек,
Аласытпа, мени көп.
Кой, шамалтай сени ээрчип,
Кетпейин мен делбектеп.





**АЛИППЕМ**

Орундалып тилегим,
Окуп бүттүм Алиппени.
Таанып, билип алдым мен,
Тамгаларды жалпы эми.

Эми башка китепти,
Эжелебей, такалбай,
Эркин окуй аламын,
Шатыратып атамдай.

Ойлойм, өсөт акылым,
Окуй берсем күндө эле.
Китеп менен дос болуп,
Кирдим кызык дүйнөгө.




**«БАЙЧЕЧЕКЕЙ»**

«Байчечекей» ичинде,
Барактасаң баары бар.
Ала-Тоолук балдардын,
Асыл күлкү, шаңы бар.

Тарбияга үндөгөн,
Татынакай журнал.
Гүлдүн аты болучу,
Биз билгени мурун ал.

Барактасаң, окусаң,
Баардыгын билесиң.
Ата-Мекен, элиңди,
Ардактайсың, сүйөсүң.
Тарбияга үйрөнүп,
Таза, адептүү жүрөсүң.

## ТҮЗҮК БОЛОТ ТУРБАЙБЫ

Уйкаштырып ыр жазсаң,
Түзүк болот турбайбы.
Оюма менин кошулуп,
Окусаңар мындай бу:

Жазда гүлдү солуткан,
Үшүк болот турбайбы.
Тыш кийимдин жылуусу,
Ичик болот турбайбы.
Жакшы бала адептүү,
Кичик болот турбайбы.

Гүл ширесин чогулткан,
Аары болот турбайбы.
Гүл ширеси – бал татсаң,
Дары болот турбайбы.

Жумуртканын ортосу,
Сары болот турбайбы.
Көрсө анда жөжөнүн,
Жаны болот турбайбы.

Каргалардын бир түрү,
Таан болот турбайбы.
Ай талааны көгөрткөн,
Жаан болот турбайбы.

Булуттарды айдаган,
Шамал болот турбайбы.
Булут жашын төкпөсө,
Жаман болот турбайбы.

Кургап турса жер бети,
Түшүм бербейт турбайбы.
Мөмөлөгөн чарба бак,
Жүзүм бербейт турбайбы.

Алтын, күмүш кармаган,
Зергер болот турбайбы.
Мээлегенин жаса атпас,
Мерген болот турбайбы.

Желдей күлүк жаныбар,
Жейрен болот турбайбы.
Көкүрөгүн көтөргөн –
Көйрөң болот турбайбы.

Акыл айтсаң жукпаган,
Аңкоо болот турбайбы.
Чатак салып кыялы,
Чалпоо болот турбайбы.

Ат башына катылган,
Нокто болот турбайбы.
Жакшы бала зыпыйып,
Токтоо болот турбайбы.

Жакшы бала жаркылдап,
Ачык болот турбайбы.
Одоно, орой сөзү жок,
Жатык болот турбайбы.

Күндүн көзүн чүмкөгөн,
Туман болот турбайбы.
Долуланса шамалың,
Улан болот турбайбы.

Нөшөр төксө заматта,
Кыян болот турбайбы.
Кокту-колот бузулуп,
Зыян болот турбайбы.

Көк шиберлүү көрпө чөп,
Тулаң болот турбайбы.
Жакшы бала белгиси,
Уяң болот турбайбы…

Берекелүү үй куту,
Казан болот турбайбы.
Жаман аттын белгиси,
Кашаң болот турбайбы.

Тер албаган буудан ат,
Күлүк болот турбайбы.

Чырактанды жандырган,
Билик болот турбайбы.

Өлөң чөптүн төрөсү,
Камыш болот турбайбы.
Жакшы адам белгиси,
Калыс болот турбайбы.

Атайы, аңдып тартылган,
Тузак болот турбайбы.
Ортого чагым таштаган,
Ушак болот турбайбы.

Өсүмдүктү өстүргөн,
Тамыр болот турбайбы.
Өзгөчө көп сүйлөгөн,
Бабыр болот турбайбы.

Баарысынан даанышман,
Нуска сүйлөйт турбайбы.
Сөздүн баркын кетирбей,
Кыска сүйлөйт турбайбы.

Улуу сунган насип, даам,
Кешик болот турбайбы.
Өскөн жериң терметкен,
Бешик болот турбайбы.

Ачып-жапкан үй, тамды,
Эшик болот турбайбы.
Жалкоолордун кулагы,
Тешик болот турбайбы.

Байкап көрсөң ар кандай,
Бала болот турбайбы.
Эси жогу энеге,
Санаа болот турбайбы.

Таштын кооз, асылы,
Жакут болот турбайбы.
Эстүү бала атага,
Бакыт болот турбайбы.

Мааниси жок, маңыз сөз,
Ашык болот турбайбы.
Кеп көтөрбөс ызакор,
Жашык болот турбайбы.

Бак-дарактын бийиги,
Терек болот турбайбы.
Эркин элдин колунда,
Желек болот турбайбы.

Жакшылыкка – жакшылык,
Себеп болот турбайбы.
Жакшы уул элине,
Жөлөк болот турбайбы.

Үмүт отун жандырган,
Тилек болот турбайбы.
Алоолонткон сезимди,
Жүрөк болот турбайбы.

Эстүү бала сезимтал,
Зирек болот турбайбы.
Эр азамат элине,
Тирек болот турбайбы.

Өрдөк-каздын уясы,
Сазда болот турбайбы.
Түгөнбөгөн акыл кен,
Башта болот турбайбы.

Ачылалек алтын кен,
Аска ташта турбайбы.
Адам болуу чынында,
Аста-аста турбайбы.





## МЕН ЭЛЕ

Күмүш самоор бууланып,
Дасторконго коюлат.
Чай ичкиле дейт энем,
Пейли кенен, колу март.

Ойноп жүрүп кочөдө,
Курсак ачкан кайышып.
Каймак нанга сүйкөлүп,
Чыныларда чай ысык.

Тамак-ашын түрдүүлөп,
Энем бизге үйрүлөт.
А Эсендин себепсиз,
Эриндери түйрүлөт:



– Дайым эле эмнеге,
Эртең менен колду жууп,
Ишке убара болобуз,
Идиш-аяк, полду жууп?

Кымбат, баалуу баарынан,
Кызмат кылуу энеге.
Бүтүрүп койдум үйдөгү,
Бүт жумушту мен эле.



## КУЮН

Чимирилген ийиктей,
Жеңил бийчи куюнмун.
Ойноп жүрөм ортосунда,
Түндүк, түштүк уюлдун.

Кулагынан кумду үйлөйм,
Ышынчаакты укпаган.
Бекерпосту ойготом,
Түшкө чейин уктаган.

Жалкоолукка жанашып,
Жашаган адат жаман да.
Анда мен чаң ызгытып,
Айланып кетем шамалга!

А көрсөм жакшы балдарды,
Чимирилем кубанып!
Көңүлүм көккө оболоп,
Асмандайт боюм буралып!..

## ЧОГУУ ҮЙ-БҮЛӨ КУРГАНГА

Эсепти бирге чыгарып,
Эшекти бирге сугарып.
Эртең менен келебиз,
Экиден чака суу алып.
Отунду бирге алабыз,
Окууга бирге барабыз.
Окшошпуз бардык жагынан,
Ойлогон ой, санаабыз.

Ысак досум экөөбүз,
Ынак жанбыз өтө биз.
Чоң окууга буюрса,
Чогуу барып өтөбүз.

Жан досуң менен кыйышпас,
Жашаган бирге жыргал да!
А бирок кийин болбостур,
Чогуу үй-бүлө курганга?!..

## КАЛЫПМЫН КИРИП КАРУУГА

Араң басып кыйналып,
Келаткан бир карыга,
Жардамдашып баштыгын,
Илип алып каруума,
Үйүнө барсам жеткизип
Өөп «чоп» эткизип:
– Акылың өсүп, уулум, – дейт,
– Калыпсың кирип карууга.

## САГЫНЫЧ

Кыштообуз алыс кыштактан,
Кышында кабар айылга,
Кыйлада жетет биз жактан.

Жашообуз дурус, көңүл жай,
Малыбыз семиз багылган.
А бирок бизде бир гана,
Кеч келет кабар айылдан.

Акентайдын апасы,
Азгырылат санаага:
«Тоого көнгөн балабыз,
Токтобойт эле калаага…

Убагы келээр болду эле,
Уулубуз неге кечикти?..»
Убайымга батат ал,
Улам карап эшикти…



Аппак тоо-таш, теребел,
Асман да ачык шаңкайып!
Аска алды күнөс жайыкта,
Атасы жүрөт кой жайып.

Дүрбүсүн тартса жол карап,
Коюнун туруп четинен,
Чекиттей караан көрүндү,
Аппак кардын бетинен.

– Каралдым менин турбайбы,
Каникулга тараган. –
Деп ал чаап жөнөдү,
Сабаган бойдон, сабаган.

Сагынычтан эле го,
Жүрөгү туйлап лакылдап,
Камчы уруп, улам атына,
Караанга барат жакындап…

А Акендин апасы,
Алыстан көрүп, балпактап –
Баласына жете албай,
Баратты кечип кар малтап…





## ТҮШКҮ УБАК

Түшкү эс алуу убакта,
Арабалар бош турат.
Сардебелүү аңызда,
Тойгон аттар кошкурат.

Сайгактаган торпоктун,
Жашынган жери – ат кулак.
Жан соогалап куйругун,
Жанталашат чапкылап…

Ошол түшкү маалда,
Көгөн, чымын гүүлдөйт.
Ырлары кайсы, кимдики?
Ызы-чуудан билинбейт.




## «ГРИПП» БОЛГОН

Араба тарткан кош аттар,
Араӊ келет илкишип.
Жүдөп чымын, чиркейге,
Жүгөндөрүн силкишип.

Арабада Акентай,
Обон салат ышкырып.

А аттардын тынчы жок,
Улам-улам бышкырып.

– Кыйналышып чүчкүрүп,
«Грипп» болгон экен да, –
Десе Акентай, – туура деп,
Аттарды аяйт Бекен да.



## ЧЫЧКАН АКЕ СУУ БЕРГИН

Кыйырсыз ээн талаада,
Кылдырттайт жалгыз араба.
Кыйналдык суунун дарты өтүп,
Кымызды кой сабаада!

Ысыкта жан чыдагыс,
Ылоолоп баспайт унаабыз.
Чай болсо гана мындайда!
Чаңкаган менен суу алыс.

Түйүлот атам кабагы:
– Суу болсо жарым кашыктай,
Айылга жетет элек го
Анчалык деле ашыкпай.

Сөздү уккан жакшы баласың,
«Чычкан аке суу бергин.
Чычкан аке суу бергин»,
Дей берсең уктап каласың.

Кыйырсыз ээн талаада,
Кылдырайт жалгыз араба.
Көшүлүп уктап бараттым,
Суу гана түшүп санаама:

«Чычкан аке суу бергин!
Чычкан аке суу бергин!
Дарыяны башынан,
Бизге буруп жибергиң».
Өткөнүн билбейм канча убак,
Кулакка суу шаркырап!
Ойгонуп кетсем айылга,
Калыптырбыз жакындап…

## ЧОҢ ТАРАК

Чөптү көрүп Акентай,
Жердин чачы экен дейт.
Самат дагы туура деп,
Анын сөзүн бекемдейт.
Айтып тиги тырмоону
Акен бизди каратат:
– Аябай чоң таракты,
Аттар сүйрөп баратат…

## КОМПЬЮТЕР

«Компьютер» деген досум бар,
Акылдуу, менден зээндүү.
Эсепти өзү чыгарып,
Эс алдырат мээмди.

Чоң атам айтат: – Сен деле,
Болот элең зээндүү,
Эсепти өзүң чыгарып,
Көнүктүрсөң мээңди.

## ЭШИМ УЯЛДЫ

Сынамакка Эшимди:
– Көрсөтүп кел атаңа.
Берейин десем «5» имди,
Кызарып кетти чок болуп,
Оңолорун түшүндүм,
«2» лери жок болуп.

## САНАП БЕРСЕҢЕР

Бизде сексен улак бар.
Так секирген чунактар.
Кана, санап берсеңер
Канча аларда кулак бар?
Канча аларда туяк бар?

***

Азыр жашым тогузда,
Жакында онго толомун.
Жылына тиксем үч бактан,
Алтымышка чыкканда,
Канча бак тиккен боломун?..

***

Отуз алты карагай,
Отуз алты долоно.
Өсүп турат бой тиреп,
Өстөн өйдө ободо.


Сексен эки түп алма,
Ушунчалык көп өрүк,
Корообузда жайкалат,
Коолдукка бөлөнүп.
Канча болду бардыгы?
Кана санап көрөлүк.

Көз кумарын кандырат,
Көрктүү жайды көргөндө.
Чыккан санды сегизге,
Канча болот бөлгөндө?..

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Жаңылмачты жаңылбай,
Жаңыбай айтып,
Жаңылбайдай жаңылмачты,
Жаңылбай айтып үйрөндүм.

Кыр-кырлардагы,
Кыргыйларбы?
Кыйтуулаган уларды,
Кыргыйлар кырабы?
Балыкчы балыкка
Барбай калыпбы?
Балыкты балыкчы,
Балбайдан алыпбы?





## САТЫБАЛДЫ

Эң сергек бала экен деп ойлоптурмун,
Эртең менен турса эрте Сатыбалды.
А көрсө курсагы ачып калган экен,
Нандан жеп кайра келип жатып алды.

– Окуу-жайың Сатыке, кандай десем,
Күндөлүгүн көрсөтпөй катып алды.
Кээде гана болбосо ушундайы,
Анча жаман бала эмес Сатыбалды.



## КИТЕП КАП

Тамтыгы жок китеп кап,
Сатып берген кечээки,
Көтөрүп келет ал байкуш,
Бир жумада беш «2».

Көпчүлүктөн уялып,
Көңүлү көктөй сөгүлөт.
Эшимбектин өзүнөн,
Эки жаш улуу көрүнөт…



## «О» БОЛОТ

– Айтып берчи Жанболот,
«8»ди бөлсө «2» ге,
Канча деген сан болот?

Ай-ий деди кубанып,
«8» ди ал коргөндө:
– Оппокшош эки «О» болот,
Ортосунан бөлгөндө…

## КӨП ОКУП

Жүзүн көрүп күзгүдөн,
Момолой чычкан мактанып,
Кирпиге жетип барыптыр:
– Коп окубай адабий китепти,
Жүлжүйүп көзүм калыптыр…

## ОЮНДУ ГАНА ОКУТУП…

Оюнду гана окуткан,
Мектептер болсо атайын…
Иштегенди билбесек,
Мейли кыш, мейли жаз айы.

Иш кылгандан эринген,
Оюнга катуу берилген,
Балдарды тандап өзүнчө,
Белгилеп сонун убакты.
Эс алуу жайга жиберсе,
«Пионер лагерь» сыяктуу…

## ТАРАНЧЫ

Кирип келсе болобу,
Таранчы биздин класска.
Ызы-чуу дароо басылып,
Тунжурай түштүк бир азга.

А көрсө биздин чурулдак,
Класстын ичин жарыптыр.

Өзүбүз деп таранчы,
Байкабай кирип алыптыр.

## ӨЗҮМ СУРАНЫП

«Тыныбеков» дегенде,
Тынч отуруп каламын.
Бирок эки жакты эле,
Келе берет карагым.

Себеби бүгүн «4» алдым,
Сабактан өзүм суранып.
Ошон үчүн карайм да,
Эки жакты кубанып…

## ТААНЫЙТ ЭКЕН

Абыл, Кабыл эгизди,
Айрыш кыйын биринен.
Алалбайсың ал тургай,
Айырмалап үнүнөн.

Бирге ойноп жүрөсүң,
Кайсынысы Абылы,
Кайсынысы Кабылы?
Сен даанасын билесиң.

Десек айтат Тураалы:
– Тааныймын мен буларды.
Санаса араң элүүнү,
Анысы жалкоо – Абылы.
Жүзгө чейин такалбай,
Санаса ал – Кабылы...

## КЛАСС БОЮНЧА

Классыңар боюнча,
Эсепти жакшы чыгарган,
Ким десек тиги Кубандын,
Тамашасы, чыныбы,
Же айттыбы кокустан:
– Агай – деди – окуткан!

## ЗООПАРКТАН

Чынымды айтсам зоопаркты,
Болчумун мурда көрөлек.
Бар экен анда түлкү, аюу
А тургай биздин коёнек.

Не бир түркүн айбанат...
Эл дагы көп топурап.
Кетирекей бир маймыл,
Семичке чагып отурат.

Кайдан келген бияккa,
Кары акенин эшеги?
Ойлойм, балким башкадыр,
Окшош экен түс, өңү?!

Арстан бери басканда,
Араандай оозун ачканда.
«Алда кандай болот» деп,
Аз каласың качканга...

Жомоктон чыга калгансып,
Жолборс жатат суналып.
Момпосуй сунсам, пил мага,
Бийлеп берди кубанып.

Канатына кызыгып,
Карап турсам тоту куш.
Сурап калса болобу:
– И, кандай окууңуз?..

Шайтан айдап зоопарка,
Келдим эле каяктан?
Ошол күнү болучу,
Окубай барып сабактан...





**КҮЧҮГҮМ**

Татынакай тармал күчүк-
Тааныбайт ким Барбосту?
Кайда барсам ээрчип алат,
Мага аябай жан дос бу!

Караанымды көргөндө,
Келет чуркап тыз жетип.
Балдарга саал мактанып,
Папкемди коём тиштетип.




## ШАЙДАҢБАЙ

Мектебибиз бүт тааныйт,
Шайдан деген баланы.
Тентектигин айтпагын,
Абдан начар сабагы...

Оюн десе Шайдаңбай,
Ыргып турат тайгандай!
Иш жазаса бужүрөйт,
Таш бака болуп калгандай.

Сабак жок бош күндөрү,
Ал үчүн чоң майрамдай.
«2» ни ынак дос кылган,
Эх! Шайдаңбай, Шайдаңбай!



## ӨКҮНҮЧ

Ээн жайык өзөндө,
Бар эле булак туптунук.
Бак-дарак өсүп туруучу,
Айланасы кулпунуп.

Көлөкөсү дарактын,
Шапата сээп сергиткен.
Көркөмдүү сөнун жай эле
Көңүлдү көккө эргиткен.

Кубулжуп назик угулчу,
Куштардын үнү кулакка.
Байралып жашап калышкан,
Башынан алар булакка.

Дайыма ушул өзөнгө,
Келүүчү эле бир бала.
Булакка жүзүн чайынып,
Жүрүүчү ойноп кыйлага.

Көк майсаң эмен түбүндө
Көңүлү жыргап, салкындап,
Кайтуучу анан үйүнө,
Кабагы ачык жаркылдап.

Ошол бала ээлигип,
Күндөрдүн бир күнүндө.
Ойноп жатып эмендин,
Көлокөлүү түбүндө.

Булактын тунук көзүнө,
Кум-ташты салып ийиптир.
Алыста, ээн жерде аны,
Ким көрүи, ким билиптир?!

Ал бала элес албады,
Иш кылганын чекилик.
Ошондон кийин калыптыр,
Булактын көзү бекилип.

Булак соолуп таптакыр,
Дарактар куурай баштады.
Куштар да калды сайрабай,
Кулпунган түр жок баштагы.

Куштар таштап уясын,
Кайдадыр учуп кетишкен.
Мындагы жашоо-тириликтин,
Бүткөнүн балким сезишкен...

Көйкөлүп шаңга бөлөнгөн,
Көк майсаң өстөн саргайган.
Ээн талаа кеберсип,
Эмен жок эми калдайган...

Убакыт нечен алмашып,
Далай жыл өттү арадан.

Эч кандай кабар болбоду
Баягы тааныш баладан...

...Чал болгондо бужүрөп,
Дайынсыз бала баягы.
Келиптир өскөн жерине,
Колунда кылт-кылт таягы...

Барса ал жайык өрөөнгө,
Баарысы мында өзгөргөн.
Мөлтүрөгөн булак жок,
Көрүнбөйт эмен өстөндөн.

Баштагыдай куштардын,
Угулбайт үнү кубулжуп.
Ысык шамал ыркырап,
Көз ачырбайт кум учуп.

Ойлонуп көпкө чал турду:
– Каякка кеткен баарысы?
Булакка эмне болгон дейт,
Турган жерде дал ушу?..

...Илгери бала кездеги,
Иш кылганы чекилик –
Оюна түшүп ызалуу,
Отурат чал өкүнүп...

## МОЙНУМ УЗУН БОЛГОНДО

Кенгуру, чил, уларды,
Карышкыр, аюу, куланды.
Зоосирктен көрүп Эсенбай,
Аябай жыргап кубанды.

А жирафты көргөндө,
Токтоп калды ойлоно:
«Эсепти дайым көчүрүп,
«2» албайт элем,
Эх! мындай,
Мойнум узун болгондо!..»

## БЕГЕМОТ

Бегемот, – деп Акен мени,
Айтса күлүп койчумун.
А чынында бегемотту,
Эч көрө элек болчумун.

Зооцирк келип шаарыбызга,
Барып калдым көргөнү.
Бегемотту тиктей берип,
Эми Акендин сөзүнө,
Араң турдум өлгөнү…





## СВЕТОФОР

Машиналар көп өткөн,
Чоң жол болот көчөбүз.
Светофор жапжашыл,
Күйгөн кезде өтөбүз.

Сарысы күйсө камданып,
Кызылы жанса токтойбуз.
Туура эмес өтүп көчөдөн,
Машина жолун тоспойбуз.



**ШОССЕ**

Тротуар – көчөдөн
Агылат эл, көпчүлүк.
Машиналар шоссе – жолдон,
Зуулдашат тез жүрүп.

**ТРОТУАР**

Шоссе жолду бойлотуп,
Көчө менен апбарат.
Жөө кишилер жүргөн жол –
Тротуар – аталат.

## АДЕПТҮҮ КҮЧҮК

Эки күчүк жолугуп,
Кумайыкка – Кумайык,
Жүрөлүк дешип дос болуп,
Кол алышты кубанып…

Айтбай тиги айылдан,
Айтбай берки Жайылдан.
Жолугушуп калышты,
Аттарын сурап таанышты.
– Суусамырлык боломун
Сурасаң атым: – Айтбаймын.
– Сен айтпасаң атыңды,
Анда мен да айтпаймын.
Аттары уйкаш эки Айтбай,
Үрпөңдөшө түшүштү.
Жактырып калдым ошондо,
Адептүү эки күчүктү.

## ЖАШЫЛ КУРТ

Жашыл курт жашыл чөптү жеп,
Жапжашыл сонун түш көрөт.
Жанына жашыл күч демеп,
Жапжашыл ишти бүткөрөт.

Булуттар көчүп жапжашыл,
Жашыл суу ташып төгүлөт.
Баратса дагы жол жашыл,
Баары эле жашыл көрүнөт…

Светофор жапжашыл –
Кызылы менен сарысы…
Кабылбас бекен байкуш ай,
Жол кырсыкка ай ушу!..

## БУЛЬВАРЬ

Аптап уруп турганда,
Саябан бак-бульварда.
Салкындап бассаң жыргал да!..

## АЛЛЕЯ

Тротуар чекесине,
Өстүрүлгөн бак-дарак.
Бак-даракты бойлой бассаң –
Аллея деп аталат.

## ГАЗОН

Шоссе жолдун ортосу –
Гүл өстүрүп газонго,
Жакшы иш кылдым ошондо.

## ЭБИМ ЖОК

Ар ким көргөн-билгенин,
Айтып өзү бергенде.
Каткырышып калабыз,
Каникулдан келгенде.

Сөзгө чебер Арыкбай:
– Жай-жайлата эс алдым,
Көлдө сүзүп балыктай.

Десе айтат Карыпбай:
– Сүзгонүм жок балыктай.
Бирок тынбай иштедим,
Кетмен чаап талыкпай.

А мен турдум элейип,
Же айтарга кебим жок.
Кандай жанмын түшүнбөйм,
Калп айтканга эбим жок…

## МЕН ЖӨНҮНДӨ ТАЛАШЫ

Дайыма мен жөнүндө,
Үйдөгүлордүн талашы.
Апам айтат: – Кечээ эле,
Сатып бергем карачы.

Батинкесин аябай,
Батырыптыр ылайга.
Минтип кийсе жыртылат,
Жетип-жетпей бир айга…

Шамалды кошо апкелет,
Шашып-бушуп киргенде.
Кийимин полго ыргытат,
Чамасы келбей илгенге…

Эжем дагы бир жактан,
Таламымды «талашат»:
– Жалкоолугу болбосо,
«Жакшы» эле өсүп баратат…
Мындай кезде атам да,
Айтпай сөзүн калабы:
– Окумак беле сабакты,
Оюн болсо талабы…

Болсо экен деп тилейбиз,
Жакшы бала адептүү.
А мен дайым бул үчүн,
Чыгарчу болдум эсепти.

Оңолуп кетээр деди атам:
– Ойлонуп калды азыр бу...
Чымчылап айткан сөздөрү,
Шылкыйтты менин башымды…





**БЕЛГИНИ КАРАБАЙ**

Машиналар көп өткөн,
Көчө шаңдуу тынччылык.
…Каяктандыр бир кезде,
«Чурр» дей түштү ышкырык!
Аңгычакты машиналар,
Токтоп калды чыйка-чуйк!



Чочуп кетип кокуй деп,
Ошол жакты карасак:
Биздин Эшим чоң көчөнү,
Кесип чуркап баратат…

Элдин баары көчөдөн,
Аны карап калышты.
Кырсык болбой аз жерден,
Жүрөк түшүп, жан учту!

Көрсө Эшим туура эмес,
Жолдон өтүп алыптыр.
Карабай ал белгини,
Чоң көчөнү жарыптыр…

«Өтүп эле кетем» деп,
Даана жазып ошондо,
Тартып чочко сүрөтүн,
Илип койдук газонго.



## КЕРЕГИ ЭМНЕ

(Я. Акимден)

Калыптыр орноп сезимге,
Кичинекей кезимде,
Өрт чыккан коңшу көчөдөн,
Али да турат эсимде.

Ойночу элем жашынмак,
Балдар менен бир короо.
Апамды ээрчип барчумун,
Дем алыш сайын киного.

Ат сүрөтүн тартчумун,
Ала качып буулуккан.
Эсимде бир чал көчөдөн,
Шыпыргысын унуткан…

Ыйладым беле доктурдан?
Бералбайм айтып элестеп.
Эчак өтүп кетиптир,
Кереги эмне аны эстеп?..

## ЖӨЖӨ

Бир айга да жетелек,
Кичинекей эселек,
Таажысы да чыгалек,
Канаттары өсө элек.
Жөжө ээрчип энесин:
– Апа мага качан – дейт,
– Бантик тагыпココ бересиң?..

## ЧЫЙПЫЛДАГАН ЖАКТЫ ЭЛЕ...

Автобустан чыйпылдап,
Жөжөлөр темир канаттуу,
Үргүлөгөн бир чалдын,
Себетинде баратты.

А чал барат ойлонуп:
«Буюрса булар, – деп – ичтен –

Ар бири чоктой таажылуу,
Мекиян болот келишкен».

Ага көңүл бурбаска,
Аракет кылып жакшы эле.
Чыдабай карай беремин,
Чыйпылдаган жакты эле…

## ОРДУМДУ БЕРДИМ БОШОТУП

Автобуста эл толо,
Качан болсо топурап.
Кээси типтик турушса,
Кээси мендей отурат.

Билмексенге салам да
Тиктейм терезени эле…
Турушкандай сезилет,
Карашып баары мени эле…

Кадалат көздөр мага тик!
Карабайын кай жакты…
Өзгөчө бирөө шилимен,
Өткөрө тиктеп баратты.

Ай, ошондо өзүмдү,
Аябай катуу жекирип,
Бошотуп бердим ордумду:
– Коюңуз, – деп кечирип!

## ПАРАШЮТ

Зуулдап түшүп келатты,
Тээ асмандан бир адам.
Чыдабас эле бул учур,
Дит багып аны караган…

Турушту дымып баарысы,
Не болот деп карашып…
Аңгычакты жайылып,
Ачылып кетти парашют!

## ТАТТУУ ОЙ МЕНЕН

Кен изилдеп келишкен,
Геологдор мени жактырып.
Тартуулап белек беришти,
Улуу отту жактырып.


Алоолонуп күйгон от,
Алардын жүзүн албыртты.
Тоого келген коногун,
Тосуп алды таң куттуу.

Жүктөрүн артып эртеси,
Кетишти түшүп ой менен.
«Геолог болор бекем» деп,
Узатып калдым артынан,
Ушундай таттуу ой менен.

## ГИПСТЕ ЖАТБАЙБЫ

Оюн деп жүрүп мынакей,
Үй-оокатка карабай.
Кокустаттың колуңду,
Десем айтат Малабай:

– Кантип эле калайын,
Үй-оокатка карабай.
Гипсте колуң жатпайбы,
Иштегенге жарабай…





## КӨПӨЛӨК

«Кон, кон көпөлөк,
Кайда учасың көкөлөп?
Сени кармап алабыз,
Сейит досум экөөлөп».
Деген ыр эстен кете элек.

А эми минтип ырдаймын:
«Конбо, конбо көпөлөк!
Консоң кармап алабыз,
Конок досум экөөлөп.
Анда учпай каласың,
Ай-асманда көкөлөп».



**ЖУМАТАЙ**

Эсине түшүп Жуматай,
Короого кирсе кула тай,
Кечээ күнкү боюнча,
Каңтарылып турат ай!

Унуттуңбу дегендей,
Жиберди тай кишинеп.
Эки күндөн бери ал,
Жемди кой, суу ичелек.

Жанына барсам Жуматай,
Жалкоолугуң жугат ай.
Жактырбай сени калыптыр,
Жаныңдай көргөн кула тай.
Бага албаса бир тайын…
Баарынан ушул уят ай!



## КОЗУ КАРЫН

Калпагы козу карындын,
Карачы сонун жарашып!
Абыдан чак өзүно,
Алалбайсың талашып.

Жактырбасын ким эле,
Жарашып турса кийгениң.
Бирок калпак ичинде,
Башы бар, жогун билбедим…

## АБАДАН БАШКА

«Өлдү» дедим чымчыкты,
Чалкасынан кеткенде…
Кокуйлап коркот экенсиң,
Кокустукту көз көрсө.
…Учуп ойноп асманда
Урунбаптыр эч жерге.

## ТАШ

Муз алдында жатса да,
Таш даттанып оорубайт.
Бир айтканын укпадым:
«Жөтөлүм бар, боорум дарт».

Дал ушундан уламбы,
Узак жашап кебелбейт.
– Миң-миллион жыл мурда,
Ушул жашта элем дейт.

## ЧҮЙГӨ ЭЛЕ

Жондон-жонго секирип,
Жолдон кээде бекинип…
Алайга учуп барыптыр,
Атбашылык кекилик.

Аны тосуп алышкан,
Алайлык топ кекилик.
Сый-урматын көрсөтүп,
Сураныштты өтүнүп:

– Афган тоосу алыс да,
Аякка кантип барасың?
Алайдан ары ашалбай,
Адашып жолдо каласың.

Капчыгай ичи катаал жол,
Калганың жакшы үйдө эле.

Кенен жер баарын батырган,
Кетеликчи Чүйгө эле…

## АЧАКЕЙ-ЖУМАКЕЙ

Көпөлөктүн сүрөтүн,
Көргөзүп мен китептен,
Ары-бери кондуруп,
Көрчү десем Тилектен.

Тазале мага таарынды:
– Тамашаңбы, чыныңбы?
Абыдан оор иш экен,
Аткаралбайм мунуңду!

Катып башы балдардын,
Катуу убара болушту.
Көпөлөктү учуруп –
Кондуралбай коюшту.

– Көздү ачып-жумганда,
Оңой эле мынакей.
Учуп-конуп жатпайбы-
Ойногондо жумакей.

Десем күлүп айтышты,
Таң калышып баарысы:
– Такыр койбойт экенсиң,
Тамашаңды ай ушу!

## ЭРИКПЕЙ

Илгери өткөн заманда,
(А балким азыр деле бар).
Эңкейип чырпык албаган,
Жашаптыр жалкоо адамдар.

Ошолордун ичинде,
Эки жалкоо болуптур.
Булчуңдары буржуюп,
Кубат-күчкө толуптур.

Басса-турса алардын,
Тамак-аш болуп ойлору:
Кара жумуш, иш десе,
Качышчу экен жаа бою.

А тургай шактан алманы,
Үзгөндөн да эринип.
Укташчу экен кечке алар,
Чапкансып кетмен керилип.

Жалкоолордун бирөөсү,
Жатып алып бир курдай:
«Алма түш, түш оозума»,
Дей бериптир тындырбай.

Анда айтат дейт беркиси,
«Тобоо» деп кармап жакасын:
– «Оозума түш» деп эрикпей,
Кантип айтып жатасың?..



## АРЧА

Бийик зоока жалама,
Кой, эңкейип караба!
Караймын деп кокустан
Кабылба бир балаага...

Боортоктоп ылдыйлап,
Боюм созуп бир кылдат.
Бара түшүп токтодум,
Ай, мындайда жан кымбат!..

Эрденсем да канча улам,
Аңдып бирөө артыман.
«Баа» деп түртүп ийчидөй,
Кайра артка тартылам...

Кайрат кылып мен эми,
Калтырак баскан денемди.
Токтотом болду жетишет,
Коркуунун жок кереги!

Боортоктоп ылдыйлап,
Боюм созсом бир кылдат…
Агып жатат дарыя,
Ак көбүгү буркулдап!


Кылыч менен чапкандай,
Зоока бети жаркырайт.
Типтик тереӊ капчыгай
Тиктесеӊ денеӊ калтырайт.

Жашыл түстө бир калып,
Миӊ сандаган жылды алып.
Арча зоока боорунда,
Өсүп турат ыргалып.

Кай убак көрсөӊ жапжашыл,
Канчада жашы билинбейт.
– Туура миӊ жыл жашадым,
Туулган күнүм бүгүн дейт.



# ЖАШЫЛ ЧЫРАК



Сүрөтчү
Анара Тугулбаева



## ЖАМГЫРДАН КАЧЫП

Жамгыр төгүп шатырап,
Шөмтүрөтө суу кылып
Жандын баарын качырат.

– Суу деле боло койбосмун,
Чыгарып турсам башымы, –
Деп бака качып жамгырдан,
Көлчүккө кирип жашынды…

## ЖАШЫНМАК

Жанга жагым тартуулап,
Жашыл токой, жашыл бак.
Чычкан менен төө мында,
Жатышты ойноп жашынмак.

Бары-жогу билинбейт,
Көзгө чычкан илинбейт.
Төө издеп таба албады,
Каякка гана барбады…

Жашынса эле таптырган
Төө айыбы өзүндө:
Басса-турса дардайып,
Чычкандын турат көзүндө.

## СӨӨЛЖАН

Жаандан кийин сөөлжан,
Сыртка чыгып сойлоду.
Анан минтип ойлоду:
«Аяк-башым – куйрук!
Кудай мага бербептир,
Тоголок башты буюруп…»

## ДЫЙКАН БОЛОМ

Өзүмө чак тыпыйтып,
Кетмен жасап беришкен.
Талаада кечке жүрсөм да,
Тажабаймын мен иштен.

Көп эле иш бар мисалы:
Министр, шопур, милийса.
А мен эгин өстүргөн,
Дыйкан болом буюрса!

Балдай ширин коонду,
Айдай кылып кескенде.
Азамат деп макташты,
Алып бирден жешкенде.

**КЕТМЕН**

Кетмен күнгө жаркылдап,
Кечке иштеди шартылдап.
Жумуш күнү аяктап,
Кеч да кирди салкындап.

Кетменине жөлөнүп,
Таттуу ойго бөлөнүп.
Дыйкан быйыл жакшы дейт,
Талаам тегиз көгөрүп.

Кайтаарында кетменин,
Калды дыйкан байкабай…
Кайда таштап кеткенин…

Баары жакшы деп ойлоп,
Барат дыйкан кубанып…
Аңгычакты артынан,
Калды кетмен суранып:
– Тынбай иштеп кечке иш,
Мен да аябай чарчадым,
Өнөрүп мени кетсеңиз…

**БАЛАСЫНДАЙ ӨҢӨРҮП**

Жакшы билип калдым мен,
Жакын-ыраак ким-кимге.
Баласындай көтөргөн,
Дыйкандын жүрөм ийнинде.
Күн ысыкта, аптапта
Көлбүртүп эгин сугарып,
Кайкалай арык чабабыз,
Кара терди чыгарып.

Чарчаганда ал дагы,
Калат мага жөлөнүп.
Иш аяктап бүткөндө,
Баласындай бапестеп,
Барат мени өңөрүп.


**ЖАШЫЛ ЧЫРАК**

Жалбырактар, жалбырактар –
Дирилдеген канаттар.
Шүүдүрүмгө толуп турган,
Жашыл чөйчөк табактар.

Жалбырактар, жашыл чырак,
Жашыл жалын сабактар,
Жашыл жомок, жашыл сөздү,
Жазган жашыл барактар.

Жалбырактар, жашыл жалын –
Жашыл кооз көпүрө.
Курт-кумурска, бүт жандыкка,
Курулган жол өтүүгө.





**КАРТӨШКӨ**

Күнүгө жесең танбаган,
Жагымдуу, баалуу табылгыс.
Крахмалы эзилген,
Экинчи жеген – наныбыз.

**ПОМИДОР**

Кызарып бышкан кезинде,
Кыйласынан даамдуу.
Байкасаңар базардан,
Баарысынан алымдуу.

Бүт тамакка кошулат,
Витаминдүү, жагымдуу.



**САРЫМСАК**

Жей коём деп сарымсак,
Ачуусуна чыдабай,
Кокуйлагам жарым саат.
Кучакташып жатышат,
Бир уяда «балдары».
Жел ооруну жолотбос,
Ден-соолукка ал – дары.

**ПИЯЗ**

Аарчып, туурап кескенде,
Ачышып көздөн жаш агат.
Дасторконго коюлган,
Даамдуу тамак жасалат.
Кийими жука болсо да,
Үшүбүгон азамат!



## ЧӨПТҮН КҮЧҮ

Өтсө дагы үстүнөн,
Тракторлор даркырап,
Кемтик кетпей четинен,
Асфальт күлөт жаркырап!

Эх! Асфальта минген ат,
Такылдайт бир такылдайт!
Катуулугун мындан бил,
Урсаң ломуң чакылдайт!

Келсек асфальт бир күнү,
Чарт жарылып сыныптыр.
«Муну жарган менмин» деп,
Чөп кылтыйып туруптур…

## ДЕН СООЛУККА САЛАБАТ

Азгырылбайт дыйкандар,
Арам пулга, башкага…
Ак эмгек менен баар таап,
Иштешет гүлзар бакчада.

Мына, ошондон билемин,
Мөмө жемиш сырларын.
Жашылчалар жөнүндө,
Жазылды ушул ырларым.

Ден соолугум чың болуп,
Оорубайын десеңер:
Витаминдүү мөмөнү,
Көп-көп эле жесеңер.

Алма, өрүк, шабдаалы,
Ширин жемиш бактагы.
Ширесин куюп идишке…
Кургатып койгон как дагы.

Мөлтүрөгөн үчүнбү,
Үзгүм келбейт жүзүмдү…
Бейиштин бул тамагы
Бекемдейт кубат-күчүңдү.

Бак ичин жүрсөң аралап,
Бүлдүркөн, чие, карагат.
Мөлтүрөп бышса ширеси,
«Ден соолукка салабат».

Өсөт бизде баарысы…
Анар, гилас, мистедей.
Жаңгакты терип алабыз,
Грециядан издебей.

Лимон, банан, айваны,
Өсүмдүк дебе кайдагы.
Булардын баарын татсаңар,
Ден соолукка пайдалуу.

## КАЛЕМПИР

Кызарып кетет мен өңдүү,
Билбесе ким сабагын.
Тамакка көп салынсам,
Башка даам жоголуп,
Өзүм эле каламын.

## БУУДАЙ

Өстүрбөсө бу данды –
Өстүрбөсө буудайды.
Дасторкондо наны жок,
Бүт эл ачка калбайбы.

## АРПА

Аяк-башым «а» тамга,
Тизилгенде турамын.
Буудай менен катарга.
Максым кылып жасасаң,
Буркураймын чалганда!
Суусунуңду кандырам,
Кере жутуп алганда.

## ЖҮГӨРҮ

Аарчыганда кабыгын,
Жаркыраган тиш дейсиң.
Дүмбүл болуп бышканда,
«Тиштеринен» тиштейсиң.

## КЫЗЫЛЧА

Биз өстүргөн кызылча,
Шириндиги ушунча!
Шекерин анын татпаган,
Жоктур бир да балакай,
Бизде дагы, чет элде.

## КАПУСТА

Көйнөк, күрмө, чапанын,
Билбейм канча катарын.
Челекке салып туздап ал!
Кааласаң салат жасагын,
Кааласаң борщ жасагын.

## А КӨРСӨ

Эшим жакшы көрбөсө да,
Ботаника сабагын,.
Буурчак сырын үйрөнүүгө,
Катуу койду талабын.

Жумуртка өңдүү жалбырагы,
А балким каз таманбы?
Сабагында канча дан бар?
Сабагы канча тарамдуу?
Мунун баарын Эшимбек,
Билип алса жаманбы?!

Кадырын билген талаанын,
Кандай бала алтындай!
Качан көрсөң жүрөт мында,
Бир да күнүн калтырбай.

Байкап көрсөк бараткансыйт,
Даны азайып буурчактын.
А көрсө жүрүптүр ал:
Аракетинде курсактын…





## ДАРБЫЗ

Көп суроо келет башыма,
Эмне үчүн тоонун бооруна.
Өспөйм, же бактын башына?..

Эмне үчүн асман көгөрөт?
Эмне үчүн Күн, Ай тегерек?

Башы катып ойлонуп,
Суроого чексиз бөлөнөт…

Кыйналган сайын ойлонуп,
Дардайып башы дарбыздын,
Баратат күндө чоңоюп…



## «КЫЗЫЛЧАНЫН БАЛАСЫ»

Баарынан көптү билем деп,
Мактанат дайым Күмөнбек.
Шалгамды алып көрсөтүп:
– Бул эмне? – десек – карачы,
Кыйналып жообун берди ал:
– Кызылчанын баласы…



## КАЙТА КӨМЧҮСҮН

Самат пияз казышса,
Колу учу араң кыбырайт.
Энесине бир кезде
Акырын кулагына шыбырайт:

– Чарчап кеттим энеке,
Иштейликчи шашпай эле.
Жазда кайта көмчүсүн,
Коелукчу казбай эле…

## АЛМУРУТ ГО

Алмалардын кандай өсүп-өнгөнүн
Айтып бизге Акен берет кеңешти.
А биз ага лампочканы көрсөтсөк,
– Күйүп турган алмурут го?! –
дебеспи.

## ӨСТҮРСӨ

Ай алмалар, алмалар!
Тилимди менин алгыла.
Ууру келсе илинген,
Бака болуп калгыла!

«Барс» чайнарда кубанып,
Бака болгун балжырап!..
Ким алманы остүрсө,
Ширин болот бал сымак.

## КӨРМӨК ТУРСУН ЖЕГЕМИН

Көрктүү жер Арпа керилген,
Көз менен кыйырын ченегис.
Жылкысын багып айылдын,
Жылыга жайлап келебиз.

Ата-энең менен жайында,
Айдашып коюн, топозун,
Аз да болсо иштешип,
Ак эмгегиң кошосуң.
Не жетсин кооз жергенди,
Өз көзүң менен көргөнгө.
Аңгемебиз түгөнбөйт,
Каникулдан келгенде.

Ар кимиси өзүнчө,
Айтышат көргөн-билгенин.
Шаттыкта көңүл эргитип,
Шаарда, көлдө жүргөнүн.

Аңгыча мен Тошуга:
– Арпаны көрдүң беле деп,
Акырын суроо беремин.
Анда ал болбой мактанат:
– Көрмөк турсун жегемин.

## КИМ ТИККЕН?

Аңыздын келсем четине,
Жайкалып өсүп калыптыр.
Жалаң уйкак, кекире.

Алабата, аткулак,
Адырашман, сүт тикен.
Огородду «кулпунтуп»,
Ойлоп коём ким тиккен?

Картошка, сабиз, бадыраң,
Кайдадыр житип кетиптир…
Кайра алардын ордуна,
Кара куурай өсүптүр.

Экпедим беле сарымсак?..
Башка чөп өсүп калганы,
Баарысы мага табышмак…

Чырмоогу тоссо жолумду,
Тыз-тыз чагат тикенек,
Сайгылайт бети-колумду.

Аа, эстедим: оюндан,
Бошобой жүрүп, эккеним,
Кетиптир чыгып оюмдан…

## БУУДАЙ МЕНЕН ЧЫРМООК

Көз жоосун алып ыргалып,
Көйкөлөт буудай бир калып.
Самсаалайт бирок чырмооктор,
Сабагына чырмалып.

Көп анын шойкум амалы –
Көрүндү болду карааны:
Кубартып салат заматта,
Кулпунган жашыл талааны.

Жапжашыл талаа көшүлүп,
Жайкалат буудай ыргалып.
Самсаалап чырмоок кеп салат,
Сабагында чырмалып:

– Өсүмдүктүн баарысын,
Өстүрбөй бек чырмасам.
Жалаң чырмоок болуп жер,
Жалгыз өзүм жыргасам!

Ширеси мол кызылча,
Денеси муунуп кысылса –
Кубарган өңүң көрүп мен,
Кубанып турсам ушунча!

Куурабас, соолбос жан барбы?!
Кургатсам пияз, шалгамды.
Кампалар толбой эгинге,
Калтырсам ачка балдарды.

Ушуга ичим ачышат:
Адамдар дан, чөп, пахтаны,
Ардактап сээп багышат.

А бизди алар эмне үчүн,
Көрүшсө жулуп салышат?

Буудай – толкун чайпалып,
Сүйлөйт шаңдуу жайкалып:
– Өмүргө азык болбосок,
Өстүрмөк эмеспиз.
Адамдарга андыктан,
Аба, суудай керекпиз.

Жарашыгы, көркү арткан,
Жашыл буудай талаабыз.
Аппак токоч – нан болуп,
Адамдарга барабыз.

Аңгыча күн жарк этти,
Алтын нуру жайылган.
Дыйкан келип чырмоокту,
Суурук салды тамырдан.





## ЭЧКИНИН «КАТЫНАН»

«Кичик  кылып улук башымды,
Сүйрөлсө жерге сакалым,
Салам дубам текке кетпес деп,
Ушул катты жазып жатамын.

Билбесем да аты-жөнүңдү,
Бир көрүүгө абдан кусамын…
Кабарлашып дагы каларбыз,
Кат аркылуу колуң кысамын.

Жакшы окуучу, жакшы бала деп,
Жөн-жайыңды угуп кубандым.
Жакшы дечи баары, а бирок –
Бир ишиңе абдан уялдым…

Көчөт-көчөт кылып тигилген,
Көркү сонун бак-дарактын.
Мажүрүм тал жарайт керекке –
Мейлиң ак жаан, мейлиң тарак кыл!



Көлөкосү жанды сергиткен,
Бак ичин айт, көңүл эргиткен!
Коздукту сезип түшүнүш,
Кымбат турат чоң эрдиктен.

Баягыдай эмес эчкилер,
Бакты мүлжүп, жебей калышкан.
Жолуң болгур, абдан кейидим,
Жоругуңду угуп алыстан…

Бак-даракты неге кыясың,
Рогатка жасоо үчүнбү?..
Атаганат, кана жумшасаң,
Бак тигүүгө берип күчүңдү!»

## КҮНӨӨ ДЕП

Токторбайдын дайым көнгөн адаты,
Токоч жесе таштайт, чачып үбөлөп.
А кумурска терип чыгат кайта аны:
– Нанды таштоо кечиримсиз күнөө деп.

## ОРТОКТОШОТ УЯЛБАЙ

Таранчылар чурулдап,
Таңдан кечке ыр ырдап,
Эгин дүмбүл болгондо,
Бир жыргашат дуулдап.

Ким бар жалкоо булардай,
Экпей, бакпай, сугарбай?
Түшүмүнө келгенде,
Ортоктошот уялбай.

Июль, август айлары,
Каласың таппай айлаңы.
Башталат го ошондо,
Таранчылардын майрамы...

Тобу менен дуу коюп,
Берки аңызга бир конуп,
Куусак кайта учушат,
Аркы аңызга дыр коюп!

Кара терге чыланып,
Жайлата атам сугарып.
Турган кезде карачы,
Түшүмүнө кубанып.

Азап болду алардын,
Айдап, сээп эгишпей.
Кечке чардап жыргашат,
Аңыз бетин беришпей.

Барат улам көбөйүп,
Таранчылар эсеби.
Атамдын бу эмгеги,
Аста күйүп кетеби?

Иштегенин ал иштеп,
Таранчы көрсө пайдасын,
Калыстыкпы, мунун бир,
Таппасам болбойт айласын.

Таранчылардын акесин,
Таанытайын мен эми.
А чыны мындай жазага,
Өзүлөрү күнөөлүү.

Не кылсам да бул ишти,
Болдум өзүм бүтүрмөй.
«Таранчыны канткенде,
Кууп чыгам бүтүндөй?»

Деген ой мени уктатпай,
Издесем амал-айланы.
Оюма шап жабышты,
«Каракчылар» кайдагы…

Чындыгында коркушат,
«Каракчыдан» шайтан да …
Адеп аны жасайын,
Анан кийин байкайм да…
Тракторист байкемин,
Тырайке эски костюмун,
Сурасам айтты:
– Кор болду,
Пайдасын көрбөй кап, мунун…

Кааласаң мейлиң ала гой,
Чачырап кетип кара май.
Карачы эми кийгенге,
Калды такыр жарабай.

Деп байкем «муну не кылат?»
Дегендей шектүү карады.
– Кир дагы экен, байкасаң,
Чоң келет го сага бу…
Анан ал мага атайын,
Костюмун колго карматып:
– Ала бер, – деди, – жылмайып –
Ансыз да жатат чаң басып.

Кубангандан тим эле,
Дердеңдей түштүм, дердеңдей.
Дүкөндөн байкем костюмду,
Жаңы эле сатып бергендей.

Байкем айтты чоо-жайды,
Акыры байкап калганбы:
– Болсо да эски шляпа,
Кошумча сага жардам бу…

Шляпаны, костюмду,
Таякчага кийгизип.
Көрсөм, үрөт күчүгүм,
Корккондугун билгизип.

Апбали! Эми болду деп,
Аңызга алып жөнөдүм.
– Бул ким, кайсы байке? – деп,
Ээрчип алды бөбөгүм.

Ошондо күүгүм болучу,
Биз келгенде аңызга.
Талаадан кайтып келаткан,
Эшекчен бир абышка.

Үйүрүнөн адашкан,
Үч-төрт эле көгүчкөн.
Болбосо, бүт таранчы,
Тарап учуп кетишкен.

Эч ким азыр көрбөсүн!
Эртең менен болгондо:
Туруп калса «каракчы» –
Биз үчүн бул чоң олжо!

Шамал жыгып кетет деп,
Шашпай казып чуңкурун,
«Каракчыны» орноттук,
Калчылдатып «кыркмуунун».

Эки ийнине шөкөттөп,
Тактык эки коңгуроо.

Ууру-бөрү корккондой,
Укмуш эле болду го!?

Теребелди «каракчы»,
Карайт кумар таратып.
Шляпасы чыкчыйып,
Өзүнө чак жарашып!

Эртеси келсек талаага,
Деңиздей эгин чайпалып,
Сары жон тартып аңызда,
Жатыптыр көшүп жайкалып.

Кызыгы, эгин үстүндө,
Бир жан жок чымчык аттуудан.
Таранчылар чурулдайт:
«Таттуу дан жейм, таттуу дан».

Таранчыларды коркуткан,
«Каракчынын» эрдиги –
Кампага эгин толтурган .





## АЛ УШУГА ЫЙЛАПТЫР

Чекесине өскөн айылдын,
Ыйлаганын көрдүм кайыңдын.
Тып-тып тамса жашы мөлтүрөп,
Ыйлагымды кошо келтирет.

Жабыркатып бузуп санаасын,
Түбүндө өскөн чырпык-баласын.
Кыянат да, бирөө кыйыптыр,
Ал ушуга ыйлап туруптур.



## ЖЕР ТАМЫРЫН БАЛКЫТЫП

Таңдайыма тамчы суу,
Тамызып кой дегенсип.
Өзөн, талаа, токойлор,
Өңдөн кеткен кеберсип.

Ак булуттан куланып,
Тамчы түшөт кубанып:
Түшүп жерге келатам,
Түшүм берчи суу алып.

Ак жаанга айланып,
Акырындап арбытып.
Төксөм экен бир тынбай,
Жер тамырын балкытып.



## ӨМҮР БОЛУП КАЛЫШТЫ

Нөшөрлөнүп жанын сабап аябай,
Жамгыр төктү эч нерсеге карабай.
Бир заматта тынчый калып теребел,
Күн төбөдөн жарк дей түштү баладай.

Көрккө чыгып айлананын келбети,
Көпкөк тартып жатып калды жер бети.
Ар бир тамчы Күн кучактап өзүнчө –
Жалт-жулт эткен табигаттын бермети.

Отурушуп карагайда, четинде
Жалтылдашып жалбырактын бетинде,
Эриккенден анан ошол тамчылар,
Мындай деген келишти бир чечимге:

Таппайбыз эч пайда мында отуруп
Жете албайбыз коздукка кол сунуп.
А көрөкчө агып ылдый түшөлүк
Көңүлдөрдү кубанычка толтуруп.

– Аний, аний барбайм, – деди бир
тамчы,
Бузгум келбейт татынакай өңүмдү.
Суктандырып бөтөн жанды отурсам,
Ошол мага ырахаттуу, көңүлдүү!

– Кой, биз менен чогуу эле жүргүнүң
– Баралбаймын!
– Анда өзүң билгиниң –
Шаракташып ойго түштү тамчылар
Шаңы менен жыргап оюн-күлкүнүн.

Жаратышып кадимкидей агымды
Булакка өкшойт, өбон куруп
жагымдуу.
Баратышты кубантуу үчүн дыйканды,
Багыт алып көрктүү талаа, айылды.

Кандай сыр бар тамчылардын
күчүндө?
Жан киргизген жемиш, данга,
жүзүмгө.
Алар эми өмүр болуп калышты,
Айланышып берекелүү түшүмгө.

Калган бирок, тиги жалкоо тамчыдан,
Кубанарлык жакшы кабар укпадык.
Пайдасы анын тапкан: кургап
калыптыр,
Өз көркүнө өзү отуруп суктанып.

## БУЛУТ

Бир булут – чал баратты
Аппак чууда артынган.
Бул эмнең десек ал айтты:
– Ак кар, ак жаан-алтын дан.

## ЖАА, ЖАА ЖАМГЫРЫМ!

Жаа, жаа жаагыныӊ,
Жалкоолонбой жамгырым!
Сергип калсын жайпап өт,
Жан-жаныбар бардыгын.

Бастырмадан өтө жаап,
Баткак болсун көчө жак.

Тыйын чычкан, таш бака,
Тыгылса мейли баткакка.

Чөлдөп турган талаага,
Чөлмөктөтө жаба жаа!
Таӊ аткыча жаанга,
Дабырап чыксын дагара.

Жаа, жаа жамгырым!
Жалкоолонбой жагыныӊ.
Жан-жаныбар баарысын,
Шөмүрөтүп салгыныӊ.

## ЖАСАЛМА ЖААН

Айлана үп. Көрүнбөйт,
Томуктай булут карааны.
Жасалма жаан сеп болуп,
Көгөрөт эгин талааны.

Арыкты бойлоп трактор,
Акырын жылып баратат.
Көкөлөтө суу бүркүп,
Жасалма жаан жаратат.

Аба нымшып кеч курун,
Ачык асман түнөрдү.
Жан жергитип аӊгыча,
Жаан жаап жиберди.

Көктөн түшкөн тамчылар,
Көбөйдү миӊ-сан эсеге.
Жасалма жаан кубанат:
Жаткансып жаап өзү эле…

## ӨЙДӨ АГАТ

– Сууланабы, Күн нуру,
Суу түшсө – чыланып?
– Аны билбейт экемин,
Жылытаары – бул анык.

Талаш созгө мен дагы,
Аралаштым кубанып:
– Суу асманга, өйдө агат,
Күн нуруна бууланып…

## КОЛ ЧАТЫР

Жаанда колдон түшпөгөн,
Жакшына гүлдүү чатырман.
Ушул тапта негедир,
Унутулуп жатырмын.

Жаан күнү адамдар,
Колуна мени алышат.
Ошондо баары шөмтүрөп,
Коргөлоп мага калышат…





## СЫНБАСА ЭКЕН

Кара булут удургуп,
Төктү жамгыр нөшөрлөп –
Чоргосу жок чайнектей.
Чарт-чурт этсе чагылган,
Асманыбыз туптунук,
Сынбаса экен айнектей.



## ЖАЙЛОО

Жайлообуз көрктүү, туландуу
Көрбөйсүн бир жан ыландуу.
Төрт түлүк мал кутүрөп,
Баарысы мында ырандуу.

Тиктесең тоону, бийикти,
Көрөсүң андан кийикти.
Улары зоодон кыйтуулап,
Угулат үнү сүйүктүү.

Жайлоонун көктөм шаңыбы,
Жашоону берген таң улуу!
Желпилдейт кызыл кыраңда,
Аппакай бантик – мамыры.



## ЖААНДА

Кайдан-жайдан куралган,
Кара үзүктөй уланган.
Калың булут каптады,
Көз ачырбай тумандан.

Ал аңгыча шатырап,
Төктү жамгыр катуулап.
Күн арты калың түнөрүп,
Белгисиз качан ачылат?

Жалпыбыз бүт жабылган,
Жаңгак терүү маалы эле.
Толбой план ушинтип,
Тоскоол кылат жаан эле…

Мындай күнү токойду,
Жылуу үйүнө теңештир!
Жалбырагы жаңгактын,
Жаан өткөрөөр эмес бир.

Сыртта жаан чылпылдап,
Жаңгак түбү купкургак.
Аңгемебиз уланып,
Отурабыз биз жыргап.

Козголду кеп бир кезде,
Иш билгилик жөнүндө:
– Жөндөмдүүлүк, шык керек,
Ал тургай жаңгак терүүдө.

Мелдеште жеңген адамдын,
Айтылат иши кеңири.
Ошондо биз токтолдук,
Кендирбайга эң ири.

Аткарып эки норманы,
Ар-намыс ишке жараган.
Азамат бала Кендирбай,
Атагы алыс тараган.

Кендирбайдан үлгү алып,
Кендирбайдай болөлук!
Жаш адамга жарашпайт,
Жалкоолукту коёлук.

Эми, Кеке, деп андан,
Сурадык:
– Жаңы кишиге,
Кыйын экен берчи айтып,
Тажрыйбаңдан кичине.

Ар ишке деп ал айтты:
– Айлакерлик керек деп.
Амалың таап иштесең,
Ар качан жардам берет деп.

Өзүңөрго белгилүү,
Биринчиликти бербеймин.

Силердей бирок кыйналып,
Кыйналып жаңгак тербеймин.

Ийинин тыйын чычкандын,
Издеп жүрүп табамын.
Азы, коппү андагы,
Жаңгакты бүт аламын.

Жарым челек, бир каппы,
Олжолоп алып келемин.
Баарыңардан ошентип,
Ашырып төгүп беремин.

Анын айткан созүнө,
Ачылып ооз калыптыр.
Ошондо да ишенбей,
Ойлодук: балким калптыр.

Анысы туура, дейт Акин,
Ийинден жаңгак алганын.
Бир жолу көрүп алып мен,
Аябай таң калгамын.

Баарыбыз тең ойлонуп,
Тунжурай түштүк саамга.
Топ этип түшөт жаңгактар,
Кызарып жуулуп жаанга.

Тирилик кылып, жан багуу,
Ар жанга парз чынында.
Ошондо өмүр уланып –
Муундан өтөт муунга.

Мисалы, тыйын чычкандын,
Жашоодо тең укугу.
Андыктан коргоп биз аны,
Көбөйсө дейбиз тукуму.

Кыш камын байкуш ал ойлоп,
Эртеден кечке серектеп.
Бирден тиштеп жаңгакты,
Чогулткан жанда – мээнет көп.

Гүл азык болуп тергени,
Ызгаарда болот – эрмеги.
Кыштан чыгат эсен-соо
Кайтып ушул эмгеги.

А Кендирдин мунусу,
Уят ай!
Уят!
Уят ай!
Азыксыз эми ал байкуш,
Кантип чыгат кыштан ай?!

Аңтарып кетсе ийинин,
Аңырайып калды ээ?
Ажалы анын жетет го,
Алгачкы түшкөн карда эле.

Тунжурап суз отуруп,
Тарадык бир маалда.
Көңүлсүз кетип бараттык,
Шөмтүрөп үшүп жаанда…



## КАНТИП БАТЫП

Тээ тоодогу боз үйлөр,
Жумурткадай кичине.
Жашап жаттык болду экен,
Кантип батып ичине?..

Боз үйлөрдүн апаппак,
Бери-бери жагында,
Учуп жүрөт ийнелик,
Өзүмдүн эле жанымда.



## КОШО ЖУУШАП

Асманыбыз – тоолор сүзгөн,
Чалкып жаткан көк деңиз.
Чокудан да бийик болуп,
Басып жүрдүк көктө биз.

Бүт булуттар чогулуп,
Кирип биздин сарайга,
Койлор менен аралашып,
«Кобурашты» далайга.

Булуттарым сарайда,
Калса мейли, чыкпасын.
Койлор менен кошо жуушап,
Корообузда уктасын.

## ТООДОГУ КӨРҮНҮШ

Капчыгайдан чокулар,
Көктү тиреп чалкаят.
Текелердин мүйүзү
Айды челип аркаят.

Тээ төмөндө адырлар,
Таш бакадай жалпаят.
Токойу – чоң атамдын
Сакалындай балпаят.

Сунсам эле мобул тоо,
Кол жеткидей көрүнөт.
Анан улам алыстайт,
Баскан сайын өрүлөп.
А көркөчө тээ учкай,
Булуттан Ай суурулуп,
Келет жылып берилеп...

## ООЗДУГУН ТАРТАЙЫН

Мен чынымды айтайын:
Таптап жүргөн бар, – тайым.
Озуп чуркап баратса,
Ооздугун тартайын.
Аргымак деп мактабай,
Азырынча байкайын…

## КУНАНЫМ

Кунаным бар тик кулак,
Куюн жетпес учкул ат.
Алып-учуп минерде,
Асман чапчып тик турат.

«Чу» деп эле койдунбу,
Карабай тоо-таш, ойдунбу.
Зымыраса кубанычка,
Дирилдетет койнунду!

Канат күүлөп аргымак,
Калып айыл, калың бак.
Уч-кыйыры жок талаада,
Учуп барам жалындап!

## МЕН КОЙЛОРДУ КАЙТАРСАМ

Күтүрөтүп жылкы айдайм,
Чоноюп жигит болгондо!
Азыр жоош ат минип,
Көз салып турам койлорго.

Көйкөлүп көрктүү жайлообуз,
Көк килемдей жайкалат.
Мен койлорду кайтарсам,
Атам мени кайтарат.

## КАНТИП АЛАТ БОЛДУ ЭКЕН?

«Ар бир койдун башынан,
Беш килодон жүн алам».
Деген атам сөзүнө,
Мен өзүнчө таң калам.

Кой баштарын кармасам,
Толбойт го жүнү чымчымга:
«Кантип алат болду экен»:
Беш килодон кыркында?..

## КОМАНДИР

Алдыга жолду баштаган,
Ашкан ашуу – аскадан.
Серкем бар менин айлакер,
Ээрчиткен койду баспаган.

Качан болсо санаам бир,
Кайтарып койду барам бир.
Серкем бар менин ушундай,
Сегиз жүз койго «командир».

## ЧӨНДӨЛӨЙ

Өрдөн бийик чокулар,
Улам бери жакындайт.
Тээ төмөндү карасам,
Жүрөк байкуш лакылдайт!

Өрдөп кетип барабыз,
Бийик ашуу кыяны.
Суурлар оттоп жүрүшөт,
Эч кимге жок зыяны.

Арaң эле кыбырайт,
Машинабыз өр жерде.
Ким болбосун таң калаар…
Суурду алгач көргөндө!

Мени дагы эң алгач,
Көргөн тиги чөндөлөй.
Молтолоңдоп качты ары,
Күлүк экен өлгөндөй...

Ийинине тез эле,
Жеткенине кубанып,
Карайт бизди таң калып…
Кайра башын чыгарып.

## ТӨӨ

Төөгө минип баратсам,
Төөнүн башы асманда.
Жүрөт да!
Анан сороктойт,
Желе-жортуп басканда.

Кызык, ойлоп коёмун,
Өзүмчө ушул учурда:
Бакада деле моюн бар,
Төөнүкү бирок узун да!

Төөнүн башы асманда,
Жүрсө андан бөлүнүп,
Өргөчүндө отурам –
Тээ төмөндөн көрүнүп…

Төмөн жакты карасак,
Баратып биз кырды ашып:
Жалтырайт тээ коктуда,
Жасалма көл – «бир кашык».

Аңгыча аркы коктудан,
Пайда болуп боз туман.
Өрдө жылып келатты:
«Булуттарга кошулам».

Баарысынан кызыгы,
Ак чуудай чубалган-
Аалы акенин койкоюп,
Башы чыкты тумандан…

Келе жатты Аалы аке,
Улам бери жакындап.
Анан төө – жөө тумандан,
Суурулуп чыкты лакылдап!..

Көрсө, төө көрүнбөй,
Бизге бийик кыраңдан.
Келатыптыр Аалы аке,
Башы эле чыгып тумандан…





## КЕНЕН ЖЕР

Жайлоодон бизди баарысы,
Жабыла тосуп чыгышты.
Таятам айтат:
– Атайылап,
Келгениңер дурус бу!

Балбактап тай энем,
Жая чуркап кучагын.
Улам-улам жалынат:
– Кубанычым, кубатым!

Кызык экен жайлоодо,
Болбосок да таанышы.
Өөп бирден чыгышты,
Учурашып баарысы.

Ошентип биз жайлоодо,
Жүрүп калдык бир апта.
Таанышып алдым бат эле,
Тамашакөй Муратка.



Жайлоодогу балдарга,
Таӊазар эмес балмуздак.
Чаӊкооӊду жазат кымызы,
Тоо булагы оргуштап.

Кыркалап тоо этегин,
Тайымды чаап өтөмүн.
Токтоткон мында жок экен,
Эрежеси көчөнүн…

Светофор жанса деп,
Отурбайбыз талашып.
Ансыз да жашыл жайлообуз,
Каалаган жакка жол ачык.

Кайсыл үйгө кирбейлик,
Кетиришпейт сыйлашып.
Иче кой, жей кой, ала кой,
Деп турушат кыйнашып.

– Кымыз, сүттү аз ичип,
Ширеге көнгөн баламын.
Кыйнасаңар ушундай,
Үйүмө кетип каламын.

Десем баары каткырып,
Уу-дуу түшүп калышты:
– Мындай куудул экен деп,
Ойлобопбуз Жанышты.

Улуулардын алдында,
Уят болуу жаман да.
Кайдан минтип айттым,
Калдым кызык абалда.

– Ден соолукка миң даба,
Жайлоодон ичип – жегин дейт.
Эбелектеп тай энем,
Бар оокатын белендейт.

А таятам:
– Туура, – дейт, –
Ден соолукка ак жакшы.

Бирок зуулап учканга,
Жаныбарым ат жакшы!

Октой сызып баратсаң,
Ай-талаада зуулдап!
Эх, ырахат!
Эл сага,
Кол чабышса дуулдап!

Көргөн жокмун быяктан,
Аллея, асфальт көчөнү.
Бензин-майсыз жүгүргөн,
Жок го аттан өтөрү!

Айтылгандай илгертен,
Адамдарга ат канат!
Капчыгай, черди аралап,
Каалаган жерге алпарат.

Жылгадан түшүп келемин,
Жылкыларды имерип.
Айрыкча сонун турбайбы,
Ат менен өткөн тирилик.

Жарпымды жаса эс алдым,
Жайлоого келип чынында.
Ат жалын сылап, суктандым,
Аргымак болчу кулунга.

Баргыла деп айтамын,
Баарыңарды жайлоого.
Келишимдүү эң бир кооз,
Кенен жер экен ойноого…



**КАРМАШАМ ДЕП**
(Коёндун катынан)

«Жалпы жайык эсен турамын,
Жаман эмес азыр иштерим.
Катты жазар эле алдында,
Беш карышкыр, бир ит тиштедим.

Койчу болдум «ап» деп сугунуп,
Мышык менен тиги түлкүнү.
Кармашам деп аюу жүрөт дейт,
Ка-ап! Келтирет сөзү күлкүнү».

**ЧЫЧКАН ДОС**
(Мышыктын катынан)

«Кечирип кой, бул катым,
Кеч жазылып калганга.
Убакыт табам буюрса,
Учурашып барганга...

Таргыл мышык келбейт деп,
Таарынычың болбосун.
Кагылайын чычкан дос,
Качан болсо ойдосуң...»

**КЕСИП БЕРДИ КУЙРУГУН**

Айыгышып алышып,
Арбын байге сайышып.
Кескелдирик, таш бака,
Кетишти зуу жарышып.
Жай саратан ысыкта,
Оюн көргөн кызык да!

Күлүк экен таш бака,
Күүлөнүп чуркап тызылдап!

Карааныно кескелдирик,
Калды жетпей бышылдап…

Тагдырдын көр буйругун!
Таш бака алды сыйлыгын:
Кескелдирик утулуп,
Кесип берди куйругун.

**ЧЕГИРТКЕ**

Баарысынан чегиртке,
Балтыры жоон, күчтүү дейт.
Балт секирип конгондо,
Калдайган чоң жалбырак,
Калт-калт эте түштү дейт.

**ТОРОПОЙ**

Торопой айтат:
– Мыктаймын!
А бирок бир айыбым,
Тамакка өтө тойгондо,
Тарс! Жыгылып уктаймын.
…Дардайып уктап жатышат,
Дарбыздар дагы тойгон го…





### АРСТАН

Өзүмдү кайра коркутат,
Илинген чоң сүрөтүм.
Арстан дешсе көргөндөр,
Аргасыздан күлөсүң…
Ким эле мени жактырсын,
Аркырап турса мүнөзүм…

### АЮУ

Аюу бал жеп жай бою,
Кышкысын соруп таманын,
Уктайт торт-беш ай бою.

Ушуга таң каламын:
Момпосуйдай таттуубу,
Кыш бою сорсо таманын?..



## КАРЫШКЫР

Туулганда коюлган,
Туура, атым карышкыр!
Кокустан калсам ырылдап…
Кокуй менден алыс тур!
Кардым өлө ачканда,
Карды кечем тушардан.
Бирок корком көргөндө,
Попуросту кызарган.

Тамекинин жытына,
Чыдабай мурдум чүрүшөт.
Оозуна неге адамдар,
От күйгүзүп жүрүшөт?..



## ҮЛҮЛ

Үлүл конок чакырды,
Үйүнө той өткөрүп.
Мейли деди кыйналсам,
Меймандарым көп келип!

Бооруна алып кош колун,
Тосуп алды досторун:
– Сыртта калбай бириңер,
Киргиле, үйгө кириңер!
Меймандары үйүнө,
Кир албай көпкө турушту.
Үлүл байкуш уялат,
Билбей эмне кылышты…

Акыры алар таарынып,
Айтышты минтип үлүлгө:
– Эч ким батпайт турбайбы,
Өзүңдөн башка, үйүңө!..

## ЗАРЫГЫП

Ала-темгил кар жатат,
Күңгөй тарап карайып.
Күнөстөп суур олтурат,
Эки көзү алайып...

Карга көзү чагылып,
Жаш куюлат карыгып.
Олтурат кечке соксоюп,
Жазды күтүп зарыгып...

Эртеле жаз келсе экен…
Кылгырган көзү сүйүнүп,
Кылтыйган чөптү көрсө экен...

## ЖУУДУРУП

Сыртта шамал – долу ойноп,
Көз ачырбайт боройлоп.
Отурат чычкан ийинде,
Мындай таттуу ой ойлоп:

«Көп кабаттуу кампаны,
Катар-катар курдуруп,
Чалкалап жыргап жатсам ээ,
Мышыкка бутум жуудуруп…»

## ЭШЕК

Жемелеген сөз уксам,
Желкем жаман курушат.
Жылбай анда буттарым,
Тушалгансып турушат.

Алкоо сөзгө тим эле,
Адырандайм, кудуңдайм.
Жонго камчы салдырбай,
Өзүм эле кыдыңдайм.

Далай жерди кыскартып,
Даркан элейт туягым.

Тизгин тартып минерде,
Ала качып турамын!
Эшек кылып көрсөткөн,
Эх! Ушу эки кулагым…

**ИЧИНДЕГИ ЖӨЖӨСҮ**

Түлкү кетип баратып,
Айды карап ойлонот:
«Оозума келип түшсө ээ,
Жумуртка тиги тоголок…

Күтө берип чарчадым,
Бүгүн күндүн нечеси?
Качан чыгат болду экен,
Ичиндеги жөжөсү?..»

**ЖАКТЫРБАЙ ТУРАМ**

Бир чоң аюу очойгон,
Жолугуп калып токойдон:
– Татынакай экенсиң, –
Деди улакка топойгон. –

Жактырбай турам бирок мен,
Сакалыңды сопойгон...

**КҮЧҮК**

Баарысы эле күчүк дейт.
Балдар менен ойносом.
Куйругум бар чын эле,
Күчүк экем ойлосом…

**БАЛТЕК**

– Ашкере бей-жай экенсиң,
Бүт көчөнү чуу кылып, –
Десек, Балтек эркелейт:
– Ажылдап үрүп калп эле,
Капчудай болом жулунуп.
Кечке байлап койгонго,
Калат окшойм буулугуп...





## КОЁН

Алтыгана, чекенди,
Чий коңулу турагым.
Бүрүшүп жаткан кезимде,
Боюмдан ашат кулагым.

Пайдасы узун кулактын,
Туюп баарын угамын.
Шырп этсе эле бир дабыш,
Дыр бергени турамын…



## ТҮЛКҮ

***

Түлкүнү мен:
– Эмне эле,
Кетпей мында жүрөсүң?
Десем, күлүмсүрөп ал,
Кызып койду бир көзүн…

Анын мында жүргөнү,
Коркунучтуу, кооптуу.
Айдап кирип койдум мен,
Уясына тоокту.



## ТОҢКУЛДАК

Зыяндуу курттан арылтып,
Токулдата беремин,
Токойдун ичин жаңыртып.

Бак-даракты коргоого,
Бар менде жакшы ыклас.
Анымды көбү түшүнбөй,
Айтышат:
– Ээ соку баш!
Токой-бакты бүлдүрүп,
Чокубаш керек, чокубаш!..
Кыскасы, мен токойду,
Зыяндуу курттан арылтып,
Өстүрүүгө керекмин.

## КАРГАЛАР «МӨМӨЛӨЙТ»

Биздин алма-өрүк, бак,
Калың токой ичинде.
Жазында аппак гүл ачса,
Момөлөп турат күзүндө.

…Ызгаар кыш, аппак теребел,
Түгөнгөн эчак алмалар,
Мында эми ийип шактарды,
Мөмөлөп турат каргалар…

## КАШКУЛАК

Көзүнөн ысык жаш кулап,
Жинди болгом экен деп,
Кокуйлайт башын Кашкулак.

Сурап калсак кайрылып,
Жооп берди бышактап,
Ого бетер кайгырып:
– Өзүмөн кетип таза айып,
Унутуп түшкү тамакты,
Калыпмын ичпей кашайып…

## АЙЛАНГӨЧӨК

Айлангөчөк!
Айлангөчөк!
Жыгылам деп араң барат,
Сөөмөйүмдүн учун өрдөп.

Жеткен кезде сөөмөйүмдүн,
Дал учуна, кырына.
Жол түгөндү, мүмкүн эмес,
Андан ары жылууга…

«Эми, эми кулайт жерге»,
Деп ошондо жан жок менде.

Аңгычакты Айлангөчөк,
Асманга учса аба көзөп,
Аябай таң калдым да!
Канаттары катылуу экен,
Далысынын алдында.

Айлангөчөк!
Айлангөчөк!
Айтып берчи жашырбай,
Заман-турмуш кайда көчөт?
Кылымдарды бойлогон,
Кыргыз жылуу жайга көчөт.

## «КРУЖОКТОН» КЕЧИГЕМ

Бүшүркөп турам бу сени,
Көрдүм эле каяктан?
Десем бака суранды:
– Шашып кетип баратам.

Кагылайын байкебай,
Калтырбагың жолуман!
Кечикпейин хоруман –
Бакалардын кечкисин,
Чардашчу «кружогунан».

## АК ЧАРДАК

Ары кайкып бир кетип,
Бери кайкып бир кетип,
Албайын деп Ак чардак,
Ак канатым кирдетип.
Канатын көлгө бир чайып,
Кайра чыгат «үлп» этип!

## КОҢ КАРГА

Эби-сыны ченде жок.
Эбегейсиз чоң карга,.
Арданабы, билбеймин,
Анан ошол Коң карга:
– Ушул коңгок мурдуман,
Уялып жүрөм балдарга.
Арманым болбос эле дейт,
Ак чардак болуп калганда!

## СУУР АЙТАТ

Чөп жегенден башка биз,
Билбейм, не иш кылабыз? –
Десе экинчи суур айтат:
– Жана дагы ышкырабыз…

## ТАРАНЧЫ

Чый-ык, чый-ык, чый-ык!
Өскөн жерим эң ыйык.
Кышында тоңуп калсам да,
Кете албайм мен кыйып.



## КАРГА

Сагызгандай шакылдаган
Сабатым жок окуган.
Бирок мендей дыйкан жок
Кечке жер чокуган.

## САГЫЗГАН

Жөжөлөрдү жесем деп,
Шилекейин агызган.
Соксолоңдоп секирген,
Соргок экен сагызган.

## КҮКҮК

Жумурткасын алпарып,
Башка уяга жашырган.
Мендей да куш болобу,
Өз атын өзү чакырган?

## ҮПҮП

Үпүптүн сырын ким билет?..
Оозуңан эле сөз чыкса,
«Ообалайт» башын ийгелеп.

## ТОПОЗ

Тосуп жатам суукта,
Тумшугумду шамалга.
Дүмүрөңдөп чуркасам,
Окшоп кетем каманга.

Ачуум кайнап, жер челсем,
Ашып белес, ашып кыр.
Карааны көзгө илешпей,
Качып жөнөйт карышкыр!

Бойдо күч кубат барында,
Тоотпойм чилде, карын да…
Оттоп жүрөт бейкапар,
Мамалагым жанымда.



# ЖОМОКТОР



Сүрөтчү
Зарема Мидинова



**ЧАМГЫР**

*(Орус эл жомогунан)*

Жиптей болуп чубалып,
Сабактары ипичке,
Аңыздагы дарбыздар,
Абдан жеңил үзүшкө.

А чамгырды бакчадан,
Баарыбыз келип жыйналып.
Эптеп казып алганбыз,
Эки-үч күн жүрүп кыйналып…

Тартсак жетпейт килого,
А тиги шиңгил жүзүмдү.
…Болуучу чамгыр ушундай,
Илгери эле түшүмдүү…

Абышка, кемпир, кызы үчөө,
Аябай кызык болушкан…
Жардамга чычкан келсе да,
Казалбай аны коюшкан.

Жулунуп чамгыр кеткен дейт,
Чычкан келсе жардамга.
Таргыл сары мышыктын,
Куйругунан алганда!..

Ушундай эле чамгырды,
Чоң атам быйыл өстүрүп.
Жардамга чычкан келсе да,
Казалбай калдык кеч кирип.

Жалбырагы чамгырдын,
Жайылган чоң чепкендей.
Араң турат чайкалып,
Кичине эле күч болсо,
Жулунуп өзү кеткендей.

Чамгырды биз казалбай,
Кыйналып баш катырдык.
Акыры айла кеткенде ,
Кумурсканы чакырдык.

Кумурска келип чычкандын,
Куйругунан тартты эле,
Жулунуп чамгыр кетпеспи,
Эккен жерден шарт эле!

Убара боло бериппиз,
Ушуну мурда түшүнбөй.
Күч эле жетпей туруптур,
Кумурсканын күчүндөй.

Жүйөөлүү суроо туулду:
Баарылап тартсак жулунбай,
Жулунуп кетти эмне үчүн,
Кумурскага кымындай?

А көрсө мындай болуптур:
Өзгөрүп заман жаңырып,
Илим өсүп чамгырдын,
Жаңы сорту табылып,

Эгин баккан дыйкандын,
Эмгеги кайтып үзүрлүү.
Чамгыр пайда болуптур,
Илгеркиден түшүмдүү.

Баарыбыз тең таң калып,
Баятан турсак түшүнбөй.
Көрсө, түшүм кошулуптур:
Кумурсканын күчүндөй.





**БАДЫРАҢ КАНТИП ҮШҮГӨН?**

Жер бетин кайрып турат күн аптабы,
Үнү пас жапжай агат булак дагы.
Өсүмдүк, дарак, чөпкө өчөшкөндөй,
Булут да мөлтүр жашыл кулатпады.

Кантесиң бул аптапка чыдоо керек.
Жан-жанга айла болчу жалгыз себеп:
Денеңди муздак сууга чумуп алсаң,
Бул гана убактылуу пайда берет.

Бадыраң жашырынып жалбырактын,
Алдында жатса дагы ал чунактын.
Денеси алоолонуп күйүп жанат.,
Муздак сууга чөмүлсө ээ атаганат!

Чыгарып башын сыртка көрсө карап,
Көшүлүңкү уктап жатат бардык тарап.
А жанында бирөө турат демиксе да,
Үстүндө кийимдери кабат-кабат.



Тердеп алган жаткансып бир иш кылып,
Жүүнү бош  кабак-кашын бырыштырып.
Күн ысыгы куйкалап кеткен өңдүү –
Тонунун этек-жеңиң куруштуруп.

Ойлосо чоочун го деп бөлөк-бөтөн,
А тааныш кошунасы Капуста экен.
– Сиз менен – дейт, – Бадыраң учурашып,
Суугa түшүп келүүгө болор бекен?



– Ай жыргал! Эчак келбей кайда жүрдүң?
Ысыгына чыдай албай мен да күндүн.
Жаныма жолдош таппай турдум эле,
Барар болсоң кеттикби, ылдам жүргүн.

Ошентип экөө жолдо эрмектешип,
Суу бизге сергектикти бермек дешип.
Жай басып катарлаша келатышты,
Өздөрүн бул учурда сергек сезип.

Бирөө айтса жаан суусун мен ичпедим,
Бирөө айтат булак суусун көп ичпедим.
Өздөрү дагы сезбей калышканы,
Булакка кандай жетип келишкенин.

Жаркырап   күн нуруна тунук булак,
Жагымын айланага сунуп турат.
Саратан ысыгына болуп даба,
Салкын жел жээгинен уруп турат.

Бадыраң кыйналбады чечип кийим,
«Чулп-чулп» этип сууга түштү жайып ийин.
Капуста катар-катар кийинип алган,
Тон-кемселин чече албай кийин…

Капуста  чече берди кийимдерин,
– О,укмуш, жайдын  күнү кийингенин!
Бадыраң таң калгандай башын чайкап,
Карап турду куушуруп ийиндерин.

Жок эле бадырандын көйнөгү да,
Жылаңач жүргөнү бул көйрөңү да.
Же кат-кат тону болсо  капустадай,
Чечеалбай жатмак беле бөөдө бу да…

Жуулуп жондорунан ысык тери,
Ойношту сууда ары, сүзүп бери.
Бадыраң  мекен кылып булак жээгин,
Жашаган бир топ жерден түзүк деди.

Асмандан  жылдыз жанып жыбырады.
Ай ушу, Капустанын кыбыраагы…
Араң ал тонун кийип бүттү окшойт,
Болгондо айлуу түндүн бир убагы.

Бадыраң достукка абдан бекем,
Бир айтпады үшүдүм, болчу кетем.
Капуста кампая турган кезде,
Калчылдап ал ордунда турган экен…

Сүйлөөгө чамасы жок бошоп жүүнү,
Көбөйүп  денедеги бүдүр-түгү…

Какталып күнгө эртеси жатса дагы
Кетбей койду денесинен бул бүдүрү

Миндеген жылдар өтүп андан бери
Мезгилдин далай жылды ченегени.
Ошондон калган экен Бадырандын
Азыркы бүдүр-түгү денедеги .





## ЖАРАТЫЛЫШ – ТУУГАН МЕКЕНИМ

Кичи пейил, ак дил, боорукер,
Кичинекей жашыл бакамын.
Эне-атамды тартып дегеле,
Эч кимге жок залал, чатагым.

Жайык өзөн, жашыл шиберде,
Жаркыраган өмүр сүрөмүн.
Таза абада көңүл сергитип,
Тарсаландап ойноп жүрөмүн.

Көлчүк жээги, көпкөк балырлуу,
Көздүн жоосун алат мелтиреп.
Жаратылыш – тууган мекеним,
Жашагымды чексиз келтирет.

Кубанычым батпай койнума,
Кумар канбайт, жыргап ойнума.
Бакалардын баарын көтөрүп,
Алгым келет жалпак мойнума.

Көк шибердин жыты искелип,
Көлчүк бети секин жыбырайт.
Коздукту мактап ырдашкан,
Коңгуроодой бака үнүн айт!

Чакырылып көлгө баарыбыз,
Чарылдайбыз жыргап кечкисин.
Мекиренип койсок жоготкон,
Киши келет издеп эчкисин...

Ай жаркырап аппак нурлары,
Алкымыма келип куюлат.
Ак жылдыздар конгон жонума,
Аздап барып анан суюлат.

Күндү тоссом кулач серпилип,
Алтын нуру ойноп жонумда.
Бакалардын шаңдуу турмушу,
Байкаганга эх, бир сонун да!

Куунак өмүр, баары кубаныч,
Чарылдаган жумшак үнүмдө.
Бирок мындай кызык иш болду,
Күндөрдүн бир сонун күнүндө.

Суу жээгинде бөйрөк таянып,
Кетирекей бала туруптур.
Ал кыйкырат: – Эй, бакажан,
Мактоом арнайм. Көшүп угуп тур!
– Бака, бака балчак,
Башың жаман жалпак!

Ийри экен буттарың,
Тосток экен көздөрүң.
Көрчү жашап жатканын,
Көркүн бузуп өзгөнүн...

Кунтум коюп сөзүн уксам да,
Чындыгында абдан териктим.
Ого бетер көзүм тостоюп,
Оозум ачып тура берипмин...

Эмне кылмак эле дегендей,
Далдасынан чыгып шибердин.
Бийик созуп мен да обонду,
Жооп кылып ырдап жибердим:



– Ийри болсо буттарым,
Секиргенге ыңгайлуу.
Чымын-чиркей илгенге,
Башым жалпак турбайбы.

Жашыл болгон себептүү,
Окшоп чөпкө, балырга,
Жүрө берем байкалбай,
Душманымдын жанында.



Жактырамын жайнаган,
Жашыл тосток көзүмдү.
Кээ бирөөнүн сөзүнө,
Кемсинтпеймин өзүмдү…

Эч нерсени албай санаага,
Үнүм тарап айдың талаага.
Карап турсам бир аз таң калып,
Кетирекей ошол балага.

Зыр-зыр эткен бойдон өттү таш,
Болор-болбос кырып жонумду.
Түз мээленип даана тийгенде,
О, көрмөкмүн анда сонунду!

Аңтарылып бүдүр ак төшүм,
Чагылышып күнгө жаркылдап.
Каякадыр кете бермекмин,
Чамындыдай агып калкылдап...

Карегимден өчмөк түбөлүк,
Айлуу көлчүк, жашыл саз, булак...
Кыйын болмок энем айласы,
Көздөрүнөн тынбай жаш кулап...

Тийбегени таштын оң болду,
Жээкке кеттим ары сүрүлүп.
Баарысынан кымбат экен го,
Баа жетпеген алтын тирүүлүк!

Ызам кайнап турдум бук болуп,
Бакалоорум аз-маз сүлкүлдөп.
Эчак эле ыйлап жибермек,
Башка бака болсо бүлкүлдөп.

Чындыгында мындай жорукка,
Ким өкүнүп капа болбосун!
Түшүнүктүү туруп адамдар,
Бака менен кантип ойносуң?

Бир көңүлсүз кетип бараттым,
Өңгүл-дөңгүл сазда секирип.
Ошол бала жолду тоскондой,
Калгым келет утур бекинип...

Энекемди эстеп сагынып,
Кур-кур этип кэде коёмун.
Ушунчалык кусам артылып,
Уккум келет ырын, жомогун.

Кайдан издеп энем жүрдү экен?
Капилеттен калды кабылып.
Өөп, жыттап ийди мойнуман,
Өпкө-боорун берип чабылып...

– Миң айланып кетсин энекең,
Кубанычым, бактым, берекем.
Капа болгон бир аз түрүң бар,
Жүүнүң бошоп, эмне кебетең?..

Шек бербедим такыр компоюп,
Эрдик эмес айткан капасын.
Болор-болбос ишке чырылдап,
Капа кылсын ким апасын.

Сурап энем утур такмалайт,
Ызаланган угуп үнүмдү.
– Издеттирип кайда жүрдү элең?
Тынчым кетип, санаам бөлүндү.

Муун-жүнүм бошоп, эреркеп,
Карман албай кеттим өзүмдү.
Тып-тып тамган жашты көргөзбөй,
Ала качып турдум көзүмдү.



Ал-жайымды энем түшүнгөн,
Жыттап өптү бакоолорумду.
– Соо калганың ырас болуптур,
Чаап жиберем өпкө-боорумду.

Таза пейил, таттуу кыялда,
Туруучу элең шайдоот жайдары.
Жонуң көпкөк, шишип кетиптир,
Кол тийгизген бирөө кайдагы?

Чыркыратып чымын жаныңды,
Таш тийгенде баш же саныңды.
Үзүп кетмек, о андабы?
Кайран өмүр өчмөк жалындуу.

Кыйын тура, капа көңүлдү,
Кубанычка кайра толтуруш.
Биздин дагы назик жүрөктө,
Бар жек көрүү, сүйүү, коркунуч.

Карачы, Күн күйүп албырат!
Нурун шимип бийлейт жалбырак.
Жаан сымал жашыл кайың-тал,
Түшүп турат сууга салбырап.

Кулачтарды таштап жайып жай,
Чайпалабыз сууда кайыктай.
Өмүр куунак, дайым көңүлдөр,
Көк асмандай – ачык чайыттай.

Көркко толуп көшүп айлуу түн,
Көлчүк уюп – күмүш жалтылдап.
Отурсак, биз чардап үстүндө,
Чайпалат Ай секин калкылдап.

Сезилбестен булар кыпынча,
Ичер сууң, күнүң түгөнүп.
Жашыл талаа, жарык күн менен,
Кош айтышмак элең түбөлүк.

О пендеге муну бербесин,
Эч айыпсыз, бир жан өлбөсүн.
Кетирекей ошол баланы,
Экинчи ирет көзүң көрбөсүн!



Бакаларга дайым таш урган,
Ал баланы тааныйм башынан.
Дайыны маалым айыл-апага,
Тентектиги абдан ашынган.

Рогатка түшүрбөй колунан,
Угуп-укпайт сөзүн улуунун.
Коркутканга майда жандыкты,
Маш, көтөрүп жаман мурунун.

Чымчыктарды бейпил жашашкан,
Чыркыратып бузат уясын.
Бул учурда мыкчып өзүңдү,
Жаткан өңдүү онтоп турасың.

Балапанын сууруп чыкканда,
Байкуш чымчык ыйлайт чырылдап.
Энеси үчүн бала кымбат го,
Эт жүрөгү канайт зырылдап.

Жан-жаныбар – жандуу дүйнөнүн,
Жайнап куштар эң чоң бөлүгү.
Балапанга дагы кыйын, оор
Табигаттан кетүү, бөлүнүү.

Кайдан билсин бала куштардын,
Пайдалуусун, ыйык экенин.
Көркко чыгып, жайнап кулпунат,
Куш үнүнө толгон Мекеним.



Жер жүзүнөн куштар айталык,
Калбай бири такыр кырылса,
Табигаттын өчмөк ажары,
Баркы болбой жарым тыйынча.

Энекемдин сөзү муютуп,
Калыптырмын өзүмү унутуп...
Отурамын жалбыз түбүндө,
Көңүлүмө коп ой уютуп...



Чиркейди энем, шашпай даңылдап,
Келатса учуп экчеп жеп койду.
– Кетирекей ошол баланын,
Чагып кетмек көзүн деп койду.

Кучактаймын тоону, талааны,
Кубанычым батпайт койнума.
Алгым келет бардык жандыкты,
Отургузуп жалпак мойнума.

## МАЗМУНУ

Күн чубак ..................................................................... 3-34

Зымырык ..................................................................... 35-78

Жашыл чырак ..................................................................... 79-118

Жомоктор ..................................................................... 119-131

**Жунушев Каныбек**

**КҮН ЧУБАК**

(Ырлар жана жомоктор)

Басманын директору *Б. Джапарова*
Көркөм редактору *Ю. Ким*
Компьютердик калыптоочу *А. Арыкбаев*
Корректору *Р. Сакелова*
Техн.редактору *Ю. Ким*

Басууга 20.06.2017. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{8}$.
Түстүү ыкма. Көлөмү 16,5 накта басма табак.
Нускасы 300 даана.

«Кутаалам» басмасында даярдалды. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.kg
Тел.: + 996 (312) 530 974, 534 863



Каныбек Жунушев, кыргыздын корүнүктүү балдар акыны. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана Тоголок Молдо сыйлыктарынын лауреаты. Кыргыз Республикасынын элге билим берүүнүн отличниги. Балдар үчүн жазылган поэтикалык он беш китептин автору. Анын чыгармалары көптөгөн чет тилдерге которулуп, кыргыз мектептеринин бардык башталгыч класстарында окутулуп жатат.

К. Жунушевдун негизги адистиги агроном. Бул күндө, ал чыгармачылыгы менен дыйканчылык иштерин айкалыштырып Кочкор районунда үзүрлүү эмгектенүүдө.





КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАР БАЛДАРГА